**Ж.БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 08.18.571**

Кол жазма укугунда

**УДК:336.6(575.2)**

**ЕСЕНАЛИЕВА БАКТЫГУЛ БАХОВНА**

# КЫРГЫЗСТАНДА БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН КАРЖЫЛОО: ТЕОРИЯСЫ, ПРАКТИКАСЫ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

08.00.10 - финансы, акча жүгүртүү жана насыя

08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика

Экономика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
Авторефераты

**Бишкек – 2019**

Иш Эл аралык башкаруу, укук, финансы жана бизнес академиясынын «Менеджмент жана бизнес» кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий кеңешчи** | **Саякбаева Айганыш Апышевна,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор<br>Ж.Баласагын атын. КУУнун «Финансы» кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер** | **Савин Виктор Евгеньевич,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор<br>К.Карасаев атын. БГУнун Каржы жана экономика факультетинин деканы |
| | **Ержанов Мухтар Салтаевич,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор<br>«Туран» университетинин «Эсеп жана аудит» кафедрасынын профессору Казак Республикасы |
| | **Назарова Вера Леонидовна,**<br>Экономика илимдеринин доктору, профессор<br>Алмата экономикалык жана статистикалык академиясы «Эсеп, аудит жана статистика» кафедрасынын башчысы, Казак Республикасы |
| ***Жетектөөчү уюм*** | Тажик улуттук университети, «Финансы» кафедрасы Тажик Республикасы, Душанбе ш.: 734067, Рудаки көч., 17. |

Коргоо 2019-жылдын 28 июнда саат 14.00дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д.08.18.571 ведомстволор аралык диссертациялык кеңеште, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Жибек Жолу проспекти 394 дареги боюнча өтөт.

Диссертациянын авторефераты менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин китепканасынан (720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Жибек Жолу саябаны, 394) жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин китепканасынан (720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев көч., 44), ошондой эле ДК сайтында: http://dissovetecon.knu.kg; https://nauka.knu.kg. таанышууга болот.

Автореферат «__» ______________ 2019-ж. таркатылды.

**Д 08. 18.571 диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**э.и.к., доцент** **Дженалиева М.А.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** Билим берүүнүн азыркы абалы биринчи кезекте, аталган чөйрөнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү камсыз кылуу үчүн мамлекет тарабынан бюджеттик каражаттардын жетишсиздик позициясы менен мүнөздөлөт. Мындай шартта билим берүүнүн мазмуну жана сапатына, калктын ар түрдүү катмарына сапаттуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү, окуучулардын талабын толук канааттандыруу, эмгек рыногуна ылайыктуу өнүктүрүү ж.б. байланышкан башка проблемалар экинчи, ал тургай, үчүнчү планга жылып калууда.

Интеллектуалдык капиталды өндүрүүнүн маанилүү өзөгү болуп адам капиталын өндүрүү саналат. Кеңири мааниде алганда капиталдын көп түрдүү формаларында капиталды түзүү өзүнө экономикалык өсүү жана өнүгүүнүн эң маанилүү булактарын камтыйт. Интеллектуалдык капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү тигил же бул өлкөнүн ИДПсын өндүрүүдө жана социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылууда алардын ролун жогорулатуу менен тыгыз байланышта.

Финансылык ресурстардын оор тартыштыгынын шартында мындай артыкчылыктуу жайгаштыруу негиздүү көрүнөт. Мындан тышкары, аталган проблемалардын көпчүлүгү, биринчи кезекте каржылоонун жетишпестигинен пайда болорун белгилеп кетүүгө болот. *[М.Л. Агранович, Н.Б.Озерова ж.б. Система финансирования образования. Анализ эффективности. – М. Технопечать, 2003-ж.-181-б.]*.

Экономиканы инновациялык өнүктүрүү жолунда модернизациялоодо жана которууда, жарандардын түздөн-түз билимдүүлүк деңгээлине жараша адам капиталынын сапатынын деңгэли өзгөчө мааниге ээ экендигин белгилейт. Мындай тезисти биздин билим берүүнү каржылоо жана модернизациялоонун начар абалына оодарууга болот.

«Жаңы доорго-кырк кадам» мамлекеттик программасынын (2017-ж.) концепцияларында республикада окуучуларга турмушка кадам таштоо үчүн билим, көндүм, жөндөмдүүлүк алууга шарттар түзүлөт деп белгиленген. Билим берүүнүн көп түрдүү формасы өзүнүн жашоо жолунда тандоодо көп түрдүүлүктү камсыз кылат. Кыргызстандын билим берүүсүн өнүктүрүүгө негиз болгон билим берүүнүн концепциялары бардык жашоо мезгилинде киргизилет. Мындан тышкары, мектептик билим берүүнү мамлекеттик каржылоонун механизмдери каралат. Билим берүүнүн натыйжасында билим берүү уюмдарын жогорку квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу жолу менен географиялык жайгашуусу жана окутуу тилиндеги теңсиздик жоюлат, окутуунун жаңы стандарттары жана окутуу методикалары, ошондой эле, окуу материалдары киргизилет.

Билим берүү системасын башкаруунун сапатын жакшыртуу үчүн маалыматтык система иштеп баштайт, башкаруучулук деңгээлдер арасында маалымат алмашууну автоматташтыруу камсыз кылынат. Билим берүү стандарттарын карап чыгуу билим берүүнүн мазмунун туруктуу өнүктүрүү

маселесин анын ичинде – анын социалдык аспекттин камтууга мүмкүндүк берет.

КР билим берүүнү каржылоо проблемасын эки позициядан кароого болот:

1. билим берүүнү каржылоо проблемасынын сандык мүнөздөмөсү катары, мамлекеттик (же муниципалдык) бюджеттен бөлүнүүчү каражаттын жетишпестиги, т.а. жеке бөлүнгөн каражаттын жетишсиздиги;
2. билим берүүнү каржылоо проблемасынын сапаттык мүнөздөмөсү катары билим берүү жана билим берүү уюмдарынын деңгээлдеринин ортосундагы бюджеттик каражаттын жетишерлик эффективдүү (же жетишерлик негиздүү) бөлүнбөгөндүгү.

Билим берүүгө инвестиция кылуу экономикалык өсүүнүн жана улуттук байлыктарды топтоонун маанилүү факторлорунун бири катары, ал тургай өлкөнүн экономикалык өсүүсүнүн маанилүү аспекти катары, негизги фонддорго инвестиция кылууга караганда, инновация доорунда экономиканы модернизациялоонун башкы фактору катарында материалдык капитал эмес, адам, анын билими, жаңычыл ой жүгүртүүсү ж.б. саналат.

Иштин алкагында билим берүүнүн аталган деңгээлдерин бюджеттик каржылоо проблемасын түзүүчү сандык жана сапаттык деңгээлдери бир учурда изилденет, алардын эффективдүүлүгүн баалоонун болжолдуу багыттары каралат жана билим берүүнү бюджеттик каржылоонун моделин жакшыртуунун негизги багыттары аныкталат.

Билим берүү секторун каржылоону изилдөөнүн теориялык-методологиялык жана практикалык маселелери чет элдик окумуштуулардын эмгектеринде каралган: Л.И. Абалкин, С.А. Дятлов, И. Ишина, Я. Кузьминов, С. Беляков, Ю. Захаров, М. Курбатов, В. Долганов, Е. Морозова ж.б. Чет элдик авторлордун санына билим берүү системасын каржылоону баалоого багытталган изилдөөлөрдү белгилөөгө болот: Дж. Минсер, Т. Щульц, К. Макконелла, А. Маршалла, П. Самуэльсона ж.б.

Кыргыз Республикасында билим берүү уюмдарын каржылоо маселелерине КР УИА академиги Т.К.Койчуев, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын профессорлору жана экономисттери А.А. Саякбаева, М.И.Исраилов, Ш.М. Мусакожоев, А.А. Адиева, А. Асанова, К.И. Исаков, Ч.Р. Кулуева, В.Е. Савина, Т.К. Камчыбеков, А.А. Көчөрбаева, П.К. Купуев, Б.А. Токсобаева, Э.У.Кулова, Р.М. Учкемпирова ж.б. иштерин жана эмгектерин арнаган

Улуттук окумуштуулардын жана практиктердин мынчалык күчтүү тобу өзүнүн иштеринде билим берүүнү каржылоонун негизги аспекттерин изилдегенине карабастан, алардын изилдөөлөрүндө модернизациялоонун методологиялык аспекттери жана Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын иштөөсү жана каржылоо жетишерлик түрдө толук ачылбагандыгына көңүл бурулат.

ЖОЖдорду каржылоонун бюджеттик жана бюджеттик эмес оптималдуу карым-катышын издөөнүн объективдүү зарылдыгы, илимий

изилдөө үчүн инновациялык экономиканы жана техникалык базаны өнүктүрүү үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо ЖОЖдордун кызыкдарлыгын өстүрүүгө мүмкүндүк берүүчү экономикалык факторлорду аныктоо, өзүнүн ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжасы үчүн жоопкерчиликти жогорулатуу диссертациянын темасынын актуалдуулугун аныктады. [Калашникова О.В. Финансирование высшего образования в условиях перехода к инновационной экономике.-Иванова, 2011-ж .-238-б.].

**Теманын илимий уюмдар тарабынын жүргүзүлгөн багыттар, негизги ири илимий программалар (билим берүү долбоорлору), негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы билим берүү системасын реформалоонун алкагына байланыштуу: 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясы, 2012-2020-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясы. 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасын инновациялык өнүктүрүүнүн стратегиясы, Кыргыз Республикасынын бюджет кодекси (2016-жылдын 16-майындагы № 59), 2017-2025-жж. Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүү стратегиясы, 2015-2020-жж. Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын концепциясы, 2016-2020-жж. Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуунун программасы менен байланыштуу.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети**. Изилдөөнүн максаты билим берүү уюмдарын каржылоонун механизмдерин ачуу жана мунун негизинде Кыргызстандагы билим берүү моделин этап-этабы менен ишке ашыруунун шартында аны жакшыртуу боюнча теориялык, методологиялык жана практикалык багыттардын комплекстүү статистикалык анализин жүргүзүү.

Диссертациялык иштин коюлган максатын ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй теориялык жана практикалык милдеттерди жолго коюу жана чечүүнү болжолдойт:

1. КР билим берүүнүн бардык секторлорун каржылоо түшүнүгүн аныктоодо теориялык-методологиялык мамилени иштеп чыгуу;

2. КР мамлекеттик бюджетинен билим берүүнү каржылоонун механизмдерин ачуу жана көбүрөөк проблемалуу аспекттерди аныктоо, ошондой эле, билим берүү кызматын көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууда мамлекеттик финансынын катышуу ролун карап чыгуу;

3. КР билим берүү уюмдарын каржылоого анализ жүргүзүү жана SWOT-анализ жасоо;

4. билим берүү уюмдарын мамлекеттик каржылоонун өзгөрүү динамикасын айкындоо үчүн статистикалык анализ жүргүзүү;

5. КР билим мамлекеттик жана жеке билим берүү уюмдарынын ортосундагы педагогикалык курамга төлөөнү каржылоонун көлөмүнө салыштырма-статистикалык анализ жасоо;

6. билим берүү чөйрөсүндө орто жалпы билим берүүнүн мисалында мамлекеттик-жеке өнөктөштүк системасы аркылуу каржылоо системасын изилдөө, проблемалуу жана позитивдүү алдыга жылууну аныктоо;

7. билим берүү секторун санариптештирүү, айрыкча КР областтары боюнча маалымат технологияларынын деңгээли жана камсыздуулугуна анализ кылуу;

8. азыркы шартта биим берүү деңгээлине жана үй чарбасын өнүктүрүүнүн негизги социалдык-экономикалык факторлоруна таасирди мүнөздөгөн тандап байкоонун негизинде статистикалык көрсөткүчөрдү иштеп чыгуу;

9. билим берүү системасынын, анын ичинде ар түрдүү уюштуруу-укуктук формадагы жалпы билим берүү уюмдарында, ОКББ жана жождордо статистикалык топтоштуруу жана корреляциялык анализдин негизинде бюджеттик каржылоо механизмин изилдөө;

10. мамлекеттик бюджеттен бөлүнүүчү финансылык ресурстарды билим берүү кызматынын сапатына жараша прогноздук-статистикалык моделин колдонуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы билим берүү секторун каржылоону теория-методологиялык көз караш жана мамилени өркүндөтүүдө, ошондой эле, КР билим берүүнү каржылоодо мамлекеттик жана жеке билим берүүнү аныктоонун проблемалуу механизмдерин аныктоодо турат. Коюлган милдеттердин алкагында иштин жаңылыгын аныктаган төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынды:

- Бюджеттик кодекстин алкагында билим берүү уюмдарын мамлекеттик каржылоо ролу аныкталды;
- КР билим берүү секторунда финансынын ролунун теориялык-методологиялык мамилеси аныкталды;
- билим берүү чөйрөсүндө жеке инвестициялык-финансылык долбоорлордун ролу изилденди;
- билим берүүнү каржылоодо мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн ролу айкындалды;
- билим берүүдө илимий-изилдөө иштерин каржылоонун жана анын өзгөрүү тенденциясына статистикалык анализ жүгүзүү;
- билим берүү секторун каржылоонун чыгымдары жана анын сапатынын корреляциялык моделинин негизинде статистикалык анализ жасалды;
- КР билим берүү уюмдарын каржылоо тармагына мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизми сунушталды;
- КР бекитилген бюджетинин алкагында билим берүүнүн чыгымдарынын жыйындысын эсепке алуу менен билим берүүнү бюджеттик каржылоонун азыркы абалынын жана динамикасынын негизинде статистикалык анализ жасалды;

- Статистикалык анализдин негизинде экономиканын билим берүү сегментин каржылоонун механизмин анализдөөнүн негизинде аны өнүктүрүү келечегинин оптималдуу моделдери сунушталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык баалулугу** изилдөөнүн натыйжаларын билим берүү секторун каржылоону модернизациялоо маселесин чечүү жана туруктуу каржылоо мамилесинин илимий-методологиялык жакшыртуу үчүн колдонуу мүмкүндүгү менен бекемделет. Билим берүүдө окшош долбоорлорду ишке ашырууда колдонулушу мүмкүн болгон жана КР билим берүүнү каржылоонун оптималдуу матрицасы катары кызмат кылган мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдери сунушталды. Билим берүү уюмдарын каржылоонун ченемдерин жакшыртууну баалоо методу боюнча диссертациянын сунуштары жана корутундулары ченемдик мүнөздөгү документтерди иштеп чыгууда билим берүүнү модернизациялоого тартылган мамлекеттик органдарга колдонууга сунушталышы мүмкүн. Диссертациянын теория-методологиялык жоболору ЖОЖдордун «Мамлекеттик финансы», «Социалдык-экономикалык статистика», «Билим берүү чөйрөсүндөгү менеджмент», «Финансы менеджменти» ж.б. окуу дисциплиналарын методикалык камсыздоодо пайдаланылышы мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын экономикалык баалуулугу.** Билим берүүнү каржылоонун теориялык-методологиялык иштелмеси жана статистикалык анализи КР билим берүү уюмдарын өнүктүрүүнүн прогнозун түзүү үчүн сунуш катарында пайдаланылышы мүмкүн. Каржылоонун көлөмү жана көрсөтүлгөн кызматтардын сапатына келтирилген корреляциялык анализ мамлекеттик дагы, жеке дагы мүнөздөгү көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу максатында билим берүүнү каржылоону модернизациялоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Иштин теориялык корутундулары билим берүү процессине тартылнан министирлик жана ведомстволордо мыйзам жана ченемдик актыларды иштеп чыгууда, анын ичинде билим берүү системасын модернизациялоодо колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- билим берүү уюмдарын каржылоону түзүүнүн өз ара байланышын жана реалдуу колдонуудагы механизмин эске алуу менен билим берүү системасын түзүү эффективдүүлүгүнө таасир берген факторлордун жана шарттардын классификациясы берилди (билим берүү уюмдарын түзүүнүн шарттарын жана тартибин өзгөртүүгө таасир берген финансылык факторлор, билим берүү чөйрөсүндө жалпысынан ар түрдүү структуралардын ишмердүүлүгүн оптимизациялоо);
- билим берүүнү каржылоо механизмин өзгөртүүнүн варианты катары каржылоонун ченемдик экффективдүүлүгүн баалоонун методдору иштелип чыкты, билим берүү уюмдарын жан башына каржылоонун эл аралык ченемдик бюджетине жана КР мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартын ишке ашырууну модернизациялоо практикасынын

багыттарына жана бюджеттик каржылоонун ченемдик методикасына анализ жүргүзүлдү;

- финансылык ресурстарды бөлүштүрүүнүн финансы-экономикалык өз алдынчалуулугуна негизделген билим берүү уюмдарында финансылык пландоону жакшыртуу, аларды колдонуу жана контролдоонун эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча сунуштар түзүлдү жана негизделди (финансылык каражаттарды эффективдүү пайдалануу мүмкүн, биринчи кезекте, аларды борборлоштурулган башкаруунун функцияларын бөлүү, б.а. жалпы билим берүү системасында финансылык өз алдынча жөнгө салуу процессин демилгелөөнү болжогон окуу жайлардын түздөн-түз мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү);
- каржылоонун жаңы булактарын тартууга, инновациялык ишмердүүлүккө түрткү берген билим берүү системасын санариптештирүү жана финансылык агымдын айкындуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берген мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн алкагында жогорку кесиптик билим берүүнү модернизациялоо жана финансылык камсыз кылуунун жакшыртуу багыттары иштелип чыкты.
- статистикалык топторду жана индекстик методду колдонуунун негизинде калктын билим деңгээлин аныктаган демографиялык, экономикалык жана социалдык көрсөткүчтөрдүн уңгусунда үй тиричиликтеринин комплекстүү мүнөздөмөсүн алууга мүмкүндүк берген социалдык процесстердин статистикалык анализинин жана анын Кыргыз Республикасындагы билим берүү секторуна тийгизген таасиринин методологиясы иштелип чыкты.
- КРдагы билим берүүнүн азыркы абалын баалоодо байкоо жүргүзүүнүн статистикалык иреттерин жана финансылык анализдин методдорунун комплекстүү ыкмаларын колдонуунун натыйжасы болуп жыйынтыкталган изилдөөнүн жана жакынкы келечектеги мүмкүн болуучу өзгөрүүлөрдүн теоретикалык маанилүүлүгү аныкталды.
- азыркы учурдун шарттарында билим берүү секторун өнүктүрүүгө жүргүзүлгөн анализдин жана моделдештирүүнүн сунушталган методологиясынын негизинде билим берүү секторун, өзгөчө анын баштапкы жана орто звеносун аймактарды жана республиканын социалдык-экономикалык бакубатчылыгын өнүктүрүү программасынын алкагында мамлекеттик каржылоо мамлекеттин социалдык саясаттын ажырагыс бөлүгү болууга тийиш.

**Диссертациянын натыйжасынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү эл аралык жана улуттук илимий-практикалык конференцияларда жана тегерек столдордо баяндалды: «Жандаевские чтения» КазНУ им Аль-Фараби (Казахстан Республикасы, Алматы ш., Аль-Фараби атын. КазНУ, 2009-ж.), «Правовые и социально-экономические проблемы в условиях глобализации» (Бишкек ш., ЭБУФБА, 2009-ж.), «Государственная служба Кыргызской Республики: проблемы и перспективы» (Бишкек ш., КРПМБА, 2011-ж.), «Проблемы современной

экономики: глобальный, национальный и региональный контекст» (Бишкек ш., Ж.Баласагына атын КУУ, 19-декабрь, 2012-жыл), «Проблемы реформирования экономики Кыргызской Республики» (Бишкек ш., Ж.Баласагын атын. КУУ, 23-март 2012-жыл), «Эффективные исследования современности» (Москва ш., Евразийское научное объединение, 2018-ж.), «Перспективы модернизации современной науки» (Москва ш., Евразийское научное объединение, 2018-ж.), «Инновационные методы и стратегические ресурсы развития национальной и региональной экономики» (Бишкек ш., Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу финансы университети, Адам университети, КР Финансы министрлигинин окуу борбору, 2018-ж.), «Перспективные направления развития современной науки» (Москва, Евразийское научное объединение, 2018-ж.), «Современные концепции научных исследований» (Москва ш., Евразийское научное объединение, 2018-ж.), «Перспективные направления развития современной науки» (Москва ш., Евразийское научное объединение, 2019-ж.) ж.б.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги натыйжалары 22 илимий макалада, анын ичинде 15 РИНЦде, алардын ичинен 9 – Россия Федерациясында, 6- Кыргыз Республикасында жана 1 монография (жалпы көлөмү-16,5 б. т.) жарыяланган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт бөлүмдөн, корутунду жана практикалык сунуштар, шарттуу белгилердин жана кыскартуулардын тизмеси, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертация 294 бетте баяндалды, иште маалыматтар 47 таблицада жана 35 сүрөттө таризделип келтирилди.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссетациянын темасынын актуалдуулугу негизделди, изилдөөнүн максаты жана милдеттери айкындалды, алынган натыйжлардын илимий жаңылыгы баяндалды, алынган наыйжалардын практикалык жана экономикалык баалуулугу, изденүүчүнүн жеке салымы ачыкталды, диссертациянын коргоого коюлуучу негизги натыйжалары аталды жана диссертацияны апробациялоонун натыйжалары баяндалды.

**«Билим берүү уюмдарын каржылоонун теориялык-методологиялык мамилелери»** деген аталыштагы биринчи бөлүмдө билим берүү чөйрөсүнүн негизги теориялык-методологиялык аспекттери, анын ичинде жаңы көз караштар жана билим берүүнү каржылоо проблемалары колдонулду.

Билим берүү ишмердүүлүгүнө мамлекеттик инвестициялоонун көлөмүнүн өсүү динамикасына карабастан, КР билим берүү сапатын жогорулатуу жана социалдык ресурстарды төмөндөтүү шартында жаңы булактарды издеп табуу, финансылык ресурстарды жогорулатуу жана аларды мобилизациялоо ыкмаларын талап кылган билим берүү системасын

каржылоодо финансылык каражаттардын жетишпестик проблемасы курч бойдон калгандыгы билим берүү системасын финансылык өркүндөтүү проблемасына арналган изилдөөлөрдө белгиленген.

Жаңы эконмикалык шартта бюджеттик каржылоого айкалышкан жана билим берүү уюмдарына, ошондой эле, башка өзүн өзү каржылоо булактарына киреше алып келе турган акы төлөнгөн билим берүү кызматтарын өнүктүрүүнүн финансылык-бюджеттик механизми пайда болот.

Билим берүү чөйрөсүндөгү финансылык-бюджеттик механизм өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: финансы каражаттарынын чыгымдарын жөнгө салуучу финансы методдору, натыйжаларын өлчөө менен алардын кыймылдары, ошондой эле, бюджеттик каражаттарды сарптоонун эффективдүүлүгү үчүн материалдык стимул жана жоопкерчилик; билим берүү уюмдарына тиешелүү пайдасына кирген киреше, билим алган бир окуучунун ченеми, тарифтер, ижара акысы, салыктар ж.б. бардыгы башкаруу субъектинин жардамы менен финансылык агымга таасир эткен финансылык рычаг-көрсөткүчү *[Игнатова Т.В., Филимонцева Е.М. Финансово-экономические аспекты модернизации системы образования в российской федерации.- Государственное и муниципальное управление. Ученые записки СКАГС. 2016. №3.-153-162-б.]*. Финансылык-бюджеттик механизмдин элементине финансылык куралдар жана ченемдик-укуктук, маалыматтык жана кадрдык – система бөлүмчөлөрү кирет.

Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелерин каржылоону баалоодо, бул маселе боюнча кеңири анализдөөнү, эске алуу менен, каржылоону жолдоодо ар кандай ыкмалар колдонулган:убактылуу анализ, ар бир позицияны мурунку мезгил менен салыштырылат; тренддик анализ – бул салыштыруунун жардамы менен ж.б негизги тренд көрсөткүч динамикасы. Изилдөөнүн жүрүшүндө статистикалык параметрлерди толук иштеп чыгуу жана каржылоонун көлөмүн аныктоодо статистикалык маалыматтарды баарына белгилүү болгон ыкмасы колдонулду (массалык байкоо ыкмасы, жалпы көрсөткүчтөрдү топтоо, динамикалык катар ыкмасы ж.б.) колдонулган, анын ичинде статистикалык ыкмалар менен, атап айтканда Кыргыз Республикасынын билим берүү секторун талдоо жана баалоо ыкмасы колдонулган.

Финансы бир катар учурларда базалык (академиялык персоналдардын санына жараша) жана окутуу максатын көздөгөн кошумча (студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн санына жараша) болуп бөлүнөт, ошондой эле, илимий изилдөө (мамлекеттик эмес булактардан тартылган каражаттын көлөмүнө жараша). Кошумча каржылоо квалификацияны жогорулатууга, эл аралык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө жана инновациялык программаларды (долбоорлорду) ишке ашырууга багытталышы мүмкүн.

КР билим берүү структурасына башталгыч, орто, жогорку, кошумча жана жождон кийинки кесиптик билим берүү кирет. Билим берүү системасынын рыноктук механизми мамлекеттик жөнгө салууну, атап айтканда, билим берүү кызматынын керектөөчүлүк баасын, билим берүүнүн

жалпы стандартын, квалификациялык талаптарын ж.б. түзүүнү талап кылат.

КР билим берүүнү экономикаын трансформациялоочу экономиканы модернизациялоо экономиканы санариптештирүү менен билим берүү уюмдарын финансылык камсыз кылуу туруктуулугун талап кылат. Билим берүү системасы бюджеттик каражаттын тартыштыгынан улам ишти уюштуруунун рыноктук формасын өзүнө камтыйт, ал билим берүү уюмдарына жаңы спецификаны – кошумча билим берүү кызматтарын өздөштүрүүнү талап кылат, бул дайыма эле экономикалык жактан өзүн актабайт, ошондой эле ар дайым айкын боло албайт. Билим берүү уюмдарынын көпчүлүгү үчүн колдонуудагы модель көп каналдуу жана көп түрдүү каржылоо системасы болуп калды. Билим берүүнү каржылоо схемасы 1.1-сүрөттө чагылдырылды.

Бүгүнкү күндө билим берүү уюмдары негизги билим берүү программалары жана кошумча билим берүү программаларынын бюджеттик эмес булактарынын ар түрдүү деңгээлдеги бюджеттен ишке ашырылуучу көп түрдүү каржылоо колдонулат.

Билим берүүнү каржылоонун негизги булагы б.а., окуу-өндүрүштүк жана экономикалык ишмердүүлүк, коллективдин социалдык өнүгүүсү жана жумушчуларга эмгекке төлөө мамлекеттик бюджеттен алынат. Билим берүү уюмдарына бюджеттик каражаттан бөлүүнүн негизи, мисалы, кесиптик билим берүүгө кадрларды даярдоо үчүн мамлекеттик тапшырык болуп саналат. Ушуга байланыштуу бул билим берүү уюмдарына алардын бюджетинин негизги бөлүгүн түзгөн бюджеттик каражаттар ай сайын бөлүнүп турат.




**1.1-сүрөт. КР билим берүүнү каржылоонун схемасы**

Булак: КР ББИМ [https://edu.gov.kg/ru]

Билим берүүнү каржылоонун эл аралык мыкты тажрыйбаларын үйрөнүү жалпысынан, мамлекеттик каржылоо жогорку деңгээлдеги

өлкөлөрдө билим берүүнүн көрсөткүчтөрү мурункудай эле жагымдуу бойдон калууда. Мындан тышкары, экономика тармагын, анын ичинде билим берүүнү каржылоо өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүүдөн көз каранды.

Экинчи бөлүм **«Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринин каржылоонун практикасы жана азыркы абалын диагностикалоо»** деп аталып, билим берүү уюмдарынын деңгээли жана структурасы боюнча абалдын заманбап статистикалык абалы, ошондой эле, прблемалары ачыкталды жана каржылоо практикасы көрсөтүлдү.

КР билим берүү системасында каржылоонун үч негизги булактары бар: мамлекеттик, жеке жана тышкы каржылоо. Мамлекеттик каржылоо – бул жалпы салык салуудан түшкөн каражаттын эсебинен толтурулуучу мамлекеттик бюджет (республикалык дагы, жергиликтүү дагы бюджеттин чыгымдарын камтыган). Жеке каражаттар өзүнө үй чарбачылыгынан төлөөнү камтыйт (мектептерде, мектепке чейинки уюмдарда ата-энелер фонду). Тышкы каржылоо Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына эл аралык уюмдар тарабынан тартылган каражаттарды өзүнө камтыйт.

2018-жылдын соңундагы маалымат боюнча КР билим берүү системасында 1,1 млн. ашык иш алып барат, бул өлкөдөгү жумуш менен камсыздаган маанилүү тармак экендигин билдирет. Бул өз кезегинде, төмөнкүдөй негизги билим берүү тармагына турат: мектепке чейинки, жалпы билим берүүчү, кесиптик башталгыч билим, орто кесиптик жана жогорку кесиптик. Мындан тышкары, билим берүү Кыргызстанды дүйнөлүк экономикага тартуу үчүн негизги жол катары жарнамаланат. Акыркы жыйырма жылда КР билим берүү системасында билим берүү системасында масштабдуу реформалоо ишке ашырылды жана билим берүүнүн улуттук моделин түзүү максатында механизм сунушталды.

Реформалоонун үзгүлтүксүз процесси жана калктын жан башына ИДПнын төмөнкү көрсөткүчү КР билим берүү системасын калыбына келтирүүгө тоскоолдук жаратууда. Окутууга чыгымдардын өсүүсү уланууда, ал эми билим берүүнүн сапаты бир топ төмөн, мугалимдердин, ошондой эле ЖОЖдордун профессордук-окутуучу курамынын айлык акысы дагы аз бойдон калууда. Мындан тышкары, окуучулардын жана окутуучулардын карым-катышы дагы өтө эле төмөн, шаардык жана айылдык билим берүү уюмдарын ж.б. даярдоодо көнүл бурарлык бирдей эместик кездешет.

Билим берүүгө мамлекеттик чыгымдардын азыркы жалпы көлөмү тармактык программа боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн: билим берүү секторунун жалпы чыгымдарына жараша мектепке чейинки билим берүүгө 10%, орто билим берүүгө – 61%, башталгыч кесиптик билим берүүгө -4,3% жана жогорку – 12% , билим берүү секторунун жалпы чыгымынан (2.1-сүрөт, 2.1 таблицаны караңыз).




**2.1-сүрөт. Кыргыз Республикасы боюнча билим берүүнүн жалпы чыгымдарын баалоо (млрд сом)**

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлдү [www/stat/kg]

2007-2017-жылдары билим берүүнүн мамлекеттик каржылоо 2,8 эсеге өскөн же мамлекеттик чыгымдардан жана ички дүң продукциянын жалпы өсүүсүнөн жогору болгон. Бирок, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгымдарынын пайызы 2017-жылы 2007-жылга салыштырмалуу 26% кыскарган. Билим берүүнүн чыгымдарынын салыштырма салмагы абдан маанилүү болгон же 2007-2017-жылдары 25-23,1% болгон. Бирок, эгерде 2009-жылга чейин туруктуу өсүү байкалса, кийинки жылдары кыскаруу байкалган. Билим берүү чыгымдары 2017-жылы ИДП пайызы менен 0,5 пайыздык пунктка 2007-жылга каршы төмөндөгөн.

**2.1-таблица – 2007-2017-жж үчүн Кыргыз Республикасында билим берүүнүн мамлекеттик бюджетинин чыгымдары, *млн сом***

| **Жылдар** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | ***2016*** | ***2017*** | ***2017-ж. % 2007 -жылга*** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгымдары, млн сом** | 9176,5 | 11116,3 | 12541,6 | 12822,9 | 19420,4 | 22925,9 | 24089,7 | 22427,4 | 29995,0 | 36299,3 | 37387,9 | 277,4 |
| **ИДП %** | 6,5 | 5,9 | 6,2 | 5,4 | 6,4 | 7,0 | 6,1 | 5,6 | 6,0 | 7.6 | 7,2 | 92,3 |
| **Мамбюджеттин жалпы чыгымдары %** | 25,6 | 24,7 | 21,4 | 17,4 | 19,9 | 20,2 | 20,8 | 18,5 | 18,9 | 24,0 | 22,5 | 73,8 |

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тара миң бынан түзүлдү [www/stat/kg]

Акыркы 5 жылда КР мамлекеттик бюджетинин чыгымдарынан билим берүүгө багытталган чыгымдардын үлүшү абдан маанилүү болду – орточо 21%дан 24% чейин. Бирок, 2017-жылы мурунку жылдарга салыштырмалуу чыгымдар 24,0%дан 22,5% чейин кыскарган, ал эми 2013-жылга карагнда 0,6% кыскарган. Билим берүүнүн чыгымдар үлүшү ИДПсы 2016-жылы 7,6%дан 2017-жылы 7,2% чейин кыскарган, ошол эле учурда 2013-жылга салыштырмалуу 0,3% көбөйгөн.

01.01.2018-жылга карата КРда 1390 мектепке чейинки уюмдар (мындан ары – МЧУ) балдардын саны 187,9 миң, 2007-жылдагы 62,8 миңге салыштырмалуу, 72 мектептен тышкары уюмдар балдардын саны 74,7 миң, жалпы билим берүү мектептер – 2262 анда 1222,6 миң окуучу 1-11-класста окуйт, 99 башталгыч кесиптик уюмдар студенттердин саны 32,3 миң адам, 145 орто кесиптик (мурда атайын) билим берүү уюмдарында 92 миң студент билим алат, 162 миң адам контингенти менен 63 жогорку окуу жайы иштейт. (2.2. табл. караңыз)


2.2 -**таблица - Мамлекеттик бюджетинин билим берүү тармагындагы чыгашалардын түзүмү, млн. сом**

| | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | Салыштыр. салмак % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Билим берүү боюнча мамлекеттик бюджеттин чыгашалары, жалпы | 9176,5 | 11116,3 | 12541,6 | 12822,9 | 24089,7 | 25915,4 | 29995 | 36299,3 | 37387,9 | 25% |
| Жогорку кесиптик билим берүү | 1459,4 | 1827,6 | 1959,2 | 1989,7 | 3078,1 | 3412,3 | 3854,2 | 4395,4 | 4802,7 | 30% |
| Орото билим берүү | 5757,5 | 6384,4 | 7549,9 | 7933,1 | 14852,1 | 15102,6 | 16997,2 | 20233,2 | 20983,4 | 27% |
| Мектепке чейин | 536,5 | 730,3 | 870,9 | 1038,1 | 2576,5 | 2948,8 | 3721,6 | 4499,7 | 5043,1 | 11% |
| Жалпы чыгашалар | 8012,8 | 9618,8 | 11502,2 | 11993,8 | 21702 | 22427,4 | 25453 | 30364,2 | 32281,8 | 25% |

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тара миң бынан түзүлдү [www/stat/kg]

МЧУ жана жалпы билим берүү уюмдары негизинен муниципалдык билим берүүлөрдүн карамагында турат, ошого жараша алар жергиликтүү бюджеттен каржыланат. КР консолидацияланган бюджетинин субъектеринин чыгымдарынын түзүмүндөгү МЧУ каржылоосу билим берүүнүн жалпы

каржы көлөмүнүн 13,4% түзүп, бул 2,3% өсүүнү түзгөн, бир балага 1 күндө орточо чыгашалары  пилоттук бала бакчаларда -65 сом түзөт (2.2-сүр.кор.).




**2.2 сүрөт. Күнүнө 1 баланын тамагы үчүн бекитилен бюджеттин чыгымдары (сом)**

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлдү [www/stat/kg]


Чыгымдын көпчүлүк бөлүгү айлык акыга пайдаланылат (45%). 2018-жылы мамлекет 78%,  ата-энелер 22% камсыз кылган. Чыгымдардын өсүүсүнө карабастан бир нече көрсөткүчтөр үчүн жетишсиз: тамак-аш, медициналык тейлөө жана башка баланын эрте куракта өнүгүүсү үчүн чаралар *[2012-2020-жылдары Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн өнүктүрүү стратегиясы (КР ӨТ 2012-ж 23-март №2015)]*.

КР консолидацияланган бюджетинин каражаттарынан МЧУ чыгымдарынын жана жалпы билим берүүнүн түзүмүндө тиешелүүлүгүнө жараша 06,% жана 1,6% болгон. 2017-жылы МЧУга жана жалпы билим берүүгө мамлекеттин бардык чыгымдары бюджеттин эсебинен 0,4% жана 0,5% каржыланган. [*КР социалдык тенденциялары. 2012-2016.- Бишкек: КР УСК, 2018 ж. -147-б.]*.

Окуучулардын өзгөчө өсүү динамикасы билим берүүнүн мектеп деңгээлиндеайырм, ал эми окуучулардын саны өскөн. 2016/2017 окуу жылдарына салыштырмалуу 26 мектепке көбүрөөк, ал эми окуучулардын саны мурдагы жылдарга салыштырмалуу 4,0% жогорулаган. Республикада жалпы билим берүү уюмдарынын саны 137 гимназия анда 162 миң окуучу, 71 лицей (39 миң окуучу). Азыркы окуу  жылында жалпы билим  берүү уюмдарында 81 миң педагог, анын ичинде 87% - жогорку билимдүү. (2.3-сүрөт).


Билим берүүнүн мазмуну акыркы мезгилде СБК (стандарттык бюджеттик каржылоонун) алкагында бюджеттик ресурстарды бөлүштүрүү планында өзгөрүү байкалууда, бир окуучуга негизги милдеттер төмөнкүлөр болуп калды: балдарга мектептик билим берүүнү камсыз кылууну жакшыртуу; мектептерге финансылык автономия берүү, өзүнүн бюджетин өз алдынча башкаруу, штатын аныктоо, мугалимдин ишинин жыйынтыгы

боюнча айлык акыны белгилөө, окуу пландарын оптималдаштыруу жана окуучуларга жүктөмдү азайтуу, ммектептик билим берүүдө көрсөтүлгөн кызматтардын акы төлөнүүчүлүгүн жана акысыздыгын так бөлүштүрүү ж.б.




**2.3-сүрөт. Жыл башына КР күндүзгү жалпы билим берүү уюмдарынын саны**

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлдү [www/stat/kg]




**2.4-сүрөт КР ББИМ менен райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү, ЖӨБ органдарынын ортосундагы каржылоо боюнча бөлүштүрүү**

Булак: КР ББИМ [https://edu.gov.kg/ru/]

Биздин көз караш боюнча мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдары бир топко биригиши мүмкүн, анткени аларды каржылоо республоикалык бюджетти да, жергиликтүү бюджетти да, жергиликтүү

бюджетти да камтыган КР консолидацияланган бюджетине негизделет (2.4-сүрөттү караңыз).

Орто мөөнөттүү программанын алкагында саясаттын артыкчылыктуу багыттары төмөнкү кадамдарды камтыйт: каржылоону оптимизациялоо жана билим берүүнүн улантуучулук  саясатын жүргүзүү институционалдык бир катар иш-чараларды жана финансылык механизмди кабыл алуу керек. Төмөнкү шарттарды аткаруу керектелет: билим берүү секторунда иштеген уюмдун жана башкаруу ораганынын функциясын аныктоо; башкаруу органынын айкындуулугун жана отчеттуулугун жогорулатуу; эффективдүү ишмердүүлүктө билим берүү кызматын жеткирүүчүлөргө түрткү берүү; эффективдүү башкарууну инфраструктуралык камсыз кылуу; билим берүү уюмдарын башкаруунун корпоративдүү моделин алдыга жылдыруу; билим берүү системасын мамлекеттик каржылоонун бириккен стратегиясын ишке ашыруу (кенири сектордук мамиленин негизинде - SWAp); билим берүүнүн финансылык башкаруу системасынын эффективдүүлүгү ж.б. *[2010-2020-жылдары Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнөнүктүрүү стратегиясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201 токтому]*.

Билим берүүнү каржылоо жана башкаруу системасын андан ары модернизациялоо дүйнөлүк мыкты тажрыйбаны эске  алуу менен билим берүү чөйрөсү сыяктуу – коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүнүн маанилүү сегменттеринин бирин өзгөртүүгө мүмкүндүк берет.

Акыркы беш жылда милдеттүү окутуунун алкагында (калктын 7-15 курагындагылар, пайыз менен) билим берүүнү камтуу 8,5 пайыздык пунктка өстү жана 2017/2018 окуу жылдары 107% түзгөн. Айылдык мектептерде (99%) 1-9-класстардын катышуу деңгээли мурдагыдай эле шаарга (124%) караганда төмөн. Анын себептеринин бири айылдык ата-энелер балдарына сапаттуу билим берүүнү каалашат жана окуу үчүн шаардык мектептерге жөнөтүшөт.

2017-жылы башталгыч кеиптик билим берүүнү каржылоого 1 152 979,5 миң сом каралган, анын ичинде бюджеттин каражатынан 1 055 534,6 (91,5%), атайын каражаттын эсебинен чыгымдар 97 444,9 (8,5%) миң сом. Ошентип, БӨУ жалпы бюджеттик каражатынан 75,7% каражат айлык акыга багытталат жана КР Социалдык фондуна кармалат, 12,1% - балдардын тамактануусуна, 3,7% - стипендия төлөөгө, 7,5% - коммуналдык чыгымдарга, 0,2% - иш сапар чыгымарына, 0,2% - жеринде оңдоо жана 0,5% - башка чыгымдарга, бул жагынан алганда, БӨУ колдонуудагы тармагын кармоо боюнча чыгымдар артыкчылыктуу каржыланат. Мамлекет тарабынан жабдууларды, инвентарь, БӨУ окуу материалдары жана методикалык окуу  куралдары менен жабдуу жаңылоо каржыланбайт, буга каражаттар негизинен гранттык колдоо жана демөөрчүлүк салым менен кетет.

Жабдууларды, инвентарды, шаймандарды  жаңыртууга, окуу материалдары жана методикалык куралдары менен БӨУ камсыздоосу

мамлекет тарабынан каржыланбагандыгы айкын, бул каражаттар негизинен гранттык жана демөөрчүлүк салымдарынын эсебинен келет.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык 2018-2020-жж. Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары иштелип чыккан жана 2018-2020-жж. республикалык бюджетинин долбоорун түзүү үчүн негиз катары 2017-жылдын 5-июлунда №423 токтом менен бекитилген. Азыркы учурда жергиликтүү бюджеттен толук кандуу каржылоо Бишкек шаарында гана ишке ашырылгандыгын блигилеп кетүү керек. Бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-майындагы «Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө» токтомуна ылайык 2013-жылдын 1-августунан тартып жергиликтүү деңгээлдеги каржылоо республикалык каржылоого которулган. Бюджеттен башка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жалпы билим берүүчү уюмдардын имарат жана жайларынын коммуналдык кызмат жана кармоо чыгымдарын, ошондой эле, мектепке чейинки, мектептен тышкаркы жана башка билим берүү уюмдарынын бардык (айлык акы жана КР Социалдык фондунан тышкаркы) чыгымдарын каржылайт.

Билим берүү системасындагы бир катар эксперттер белгилегендей жана биздин изилдөө тастыктагандай, билим берүү системасынын чыгымдарынын өскөнүнө карабастан, жалпысынан каржылоонун эффективдүүлүгү жөнүндө айтуу мүмкүн эмес, анткени, бюджеттик каражаттарды бөлүү бюджеттин чыгымдарынын экономикалык классификациясынын беренелерине ылайык катуу тартипте ишке ашат. Бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү бюджеттик классификациянын экономикалык беренелери боюнча биринчи кезекте билим берүү чөйрөсүнүн кызматкерлерине социалдык маанидеги төлөөлөрдү жүргүзүү зарылдыгы менен аныкталат (айлык акы, кошуп төлөө жана кошумча жана үстөк акы, стипендия студенттерге жана окуучуларга стипендия жана жөлөкпул).

Каржылоо чыгымдарынын жыйынтыгында окуу процессинин өзүн камсыз кылууга байланышкан, окуу жайдын материалдык-техникалык базасын кармоо жана аны өнүктүрүү жетишсиз бойдон калууда. Муну менен бирге билим берүүнү каржылоонун эффективдүүлүгү бюджеттик каражаттын тартыштыгы шартында финансы органдарынын талаптарына ылайык аларды максаттуу пайдалануу принцибин сакто зарылдыгы үчүн колдо болгон ресурстарды чектөө ыкмасы менен төмөндөшү мүмкүн.


Ошентип, билим берүү уюмдарын каржылоо өзүнө чечимдин азыркы милдеттерин жана өнүктүрүү келечегине багытталган процессти камтыйт. Жалпысынан, билим берүү тармагына мамлекеттик кепилдикти ишке ашырууга бюджеттик сумманы бөлүп берүү окуу процессин стандартташтыруунун элементтерин, чыгымдарды финансылык ченемдөө, бюджеттик кызматтардын түрү боюнча мамлекеттик (муниципалдык)

тапшырыкты түзүүнүн негизинде аныкталат. Бирок, каржылоонун бардык системасында анын социалдык-экономикалык эффективдүүлүгү көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатууга багытталашы керек.

**Үчүнчү бөлүмдүн «КР билим берүүнү каржылоо механизмин индекаторлорун статистикалык анализ жүргүзү»** деп аталып, каржылоо булагынын маалымат базасынын аларды оптимизациялоонун анализинин негизинде статистикалык вариациялар сунушталды.

Билим берүү системасын каржылоо бир катар статистикалык алгоритмдерди иштеп чыгууну талап кылат, атап айтканда, бирдиктүү акумуляциялык чыгымдар беренеси боюнча бюджеттик классификациясынын беренесине ылайык ишке ашуучу студенттердин стипендия жана тамак-ашын алардын ичинен жетим балдарга төлөө чыгымдарын эске албаганда чыгымдар республикалык бюджеттен каржыланат. Республикалык бюджет бекигенден кийин тармактык министрликтер бюджеттик чыгымдар боюнча алдыдагы жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген даярдоо (адистиктер) багыты боюнча грант алуучулардын саны жана гранттын көлөмү боюнча контролдук көрсөткүчтү аныктайт.

Жашоочулардын саны жана жыныстык курактык структурасы жана билим берүүгө жеткиликтүүлүк деңгээлине түздөн-түз байланыштуу болгон мамлекеттик жана жеке жалпы билим берүү уюмдарынын өсүү динамикасын изилдөөдө бул сектордун өнүгүү динамикасынын интенсивдүүлүгүн чагылдырган өсүү жана өстүрүү статистикалык анализин баалоонун жардамы менен жасоо мүмкүн. (3.1-сүрөттү, 3.1-таблицаны караңыз).




**3.1-сүрөт. 2018-ж. башталышында эркектерди жана аялдарды курактык топторго бөлүштүрүү**

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлдү [www/stat/kg]

Эсептөө боюнча Кыргызстандын туруктуу калкынын саны 2018-жылдын башында 6 млн. 257 миң адамды түздү, үчтөн бири (33,9%)

шаарларды жашайт жана үчтөн экиси (66,1%) – айылда турушат. Ошол эле учурда КМШ өлкөлөрүнүн көпчүлүгү үчүн шаар тургундары айыл жашоочуларынан көп болгондугу мүнөздүү.

Кыргыз Республикасынын калкынын жыныстык куралктын структурасынын графигине ылайык бирдей эмес курамга ээ. 5 жашка чейинки балдардын саны жогорулоодо, 20-24жаштагы жана 25-29 жаштагы жаштардын (б.а. 1987-1996-жылдары төрөлгөндөр) 2000-жылдары төрөлүүнүн саны өскөндүгүн билдирет.

Абсолюттук өсүү абсолюттук ылдамдыктын өзгөрүү динамикасын көрсөтөт жана аталган деңгээл менен салыштыруу базасында кабыл алынган деңгээлдин ортосундагы айырмачылыкты аныктайт.

Өсүүнүн орточо темпи бул интенсивдүүлүктүн өзгөрүү динамикасынын деңгээлинин эркин жалпыланган мүнөздөмөсү жана орточо бирдик убакытта бир канча жолу динамика деңгээли өзгөрүп турат.

Окуучулардын санынын өсүүсүн анализ кылуу үчүн жыл жана өсүү темпин статистикалык баалоо боюнча аныктоо зарыл:

1. Динамиканын тизмегинин көрсөткүчтөрү (чынжырлуу жана базистик). Алынган натыйжалар таблицада (3.2, 3.3) чагылдырылды.

2. Билим берүү программаларынын түрү боюнча мындай учурда жалпы билим берүү мектептеринде окуучулардын орточо жылдык саны.

3. 10 жылдык мезгилде өсүүнүн орточо темпи жана динамиканын тизмектерин текшилөө.

**3.1-таблица - КР мектеп жаш курагындагылардын саны**

| Курагы | 2007 | 2013 | 2014 | 2016 | 2017 | 2018 | Үлүштүк көлөм, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калк саны, млн адам | 5247,6 | 5663,1 | 5776,6 | 6019,5 | 6140,2 | 6256,7 | 84% |
| *анын ичинде* | | | | | | | |
| 7жаш | 91255 | 105438 | 113819 | 130117 | 137347 | 143094 | 64% |
| 8 жаш | 95565 | 106265 | 108285 | 124696 | 132175 | 131008 | 73% |
| 9 жаш | 98781 | 104059 | 105629 | 116535 | 127710 | 115850 | 85% |
| 10 жаш | 98945 | 97513 | 103217 | 107822 | 116112 | 123859 | 80% |
| 11 жаш | 105490 | 94398 | 96885 | 104446 | 106163 | 111686 | 94% |
| 12 жаш | 110435 | 91791 | 93892 | 102432 | 104524 | 107358 | 103% |
| 13 жаш | 109413 | 92039 | 90880 | 96392 | 102276 | 109983 | 99% |
| 14 жаш | 104485 | 91233 | 89578 | 92419 | 94962 | 103118 | 101% |
| 15 жаш | 97347 | 84654 | 80593 | 78700 | 79132 | 98587 | 99% |
| 16 жаш | 75635 | 59803 | 60203 | 55552 | 56005 | 94472 | 80% |
| 17 жаш | 46736 | 38474 | 36504 | 36533 | 34241 | 98383 | 48% |
| Бардыгы | 1034087 | 965667 | 979485 | 1045644 | 1090647 | 1237398 | 84% |

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлдү [www/stat/kg]

**3.2-таблица – Мамлекеттик жалпы билим берүү мектептеринде окугандардын санынын өзгөрүү динамикасына анализ (миң окуучу)**

| Жыл | Саны | Абсолюттук өсүү | | Өсүү темпи, % | | Өсүү темпи, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | базистик | Чынжырлуу | базистик | чынжырлуу | базистик | Чынжырлуу |
| 2009 | 1064396 | - | - | - | - | - | - |
| 2010 | 1041564 | 22832 | 22832 | 97,8 | 97,8 | l-2,1l | l-2,1l |
| 2011 | 1025187 | 39209 | 16377 | 98,1 | 98,4 | l-1,9l | l-1,6l |
| 2012 | 1008139 | 56257 | 17048 | 98,2 | 98,3 | l-1,8l | l-1,7l |
| 2013 | 1001502 | 62894 | 6637 | 98,4 | 99,3 | l-1,6l | l-0,7l |
| 2014 | 1010114 | 54282 | 8612 | 98,9 | 100,8 | l-1,1l | 0,8 |
| 2015 | 1024238 | 40158 | 14124 | 99,3 | 101,3 | l-0,7l | 1,3 |
| 2016 | 1071795 | 7399 | 47557 | 100,09 | 104 | 0,09 | 4,6 |
| 2017 | 1155157 | 90761 | 83362 | 100,9 | 107,7 | 0,9 | 7,7 |
| 2018 | 1198295 | 133899 | 43138 | 101,26 | 103,7 | 1,26 | 3,7 |

**Булак**: автордун тарабынан иштелип чыккан

1. Мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарында окугандардын орточо өсүүсүн формула боюнча аныктайбыз:

$$\bar{\Delta} = \frac{y_1 - y_0}{n-1} = \frac{1198295 - 1064396}{10-1} = 14877{,}7 \text{ окуучулар} \quad (3.1),$$

Орточо жылдык өсүү темпи:

$$\bar{T} = \sqrt[n-1]{\frac{y_n}{y_0}} \times 100\% = \sqrt[5]{\frac{1198295}{1064396}} \times 100\% = \sqrt[5]{1.06460773} \times 100\% = 101{,}26\% \quad (3.2),$$

$$\bar{T}_{\text{прироста}} = \bar{T} - 100 = 101{,}26 - 100 = 1{,}26\%$$

Тизмектин орточо деңгээли: Y=Ey/n=1100038/7 окуучулар.

Абсолюттук өсүш жана өсүү темпинин анализинен көрүнүп тургандай, 2009-жылга салыштырмалуу окуучулардын санынын динамикасы дайыма өзгөрүп турат, 2010-жылдан 2015-жылга чейинки мезгилде өсүү динамикасы терс болгон жана 2016-жылдан баштап дароо көбөйгөн. Окуучулардын саны боюнча статистикалык маалыматтарды анализдөөдө 90-жылдардын аягы 2000-жылдардын башында төрөлүү деңгээли төмөндөгөндүгүн белгилөөгө болот. Чынжырлуу абсолюттук өсүү сандын өсүүсү анчалык мааниге ээ эместигин көрсөтөт.

10 жыл мезгилинде оң динамиканы белгилөөгө болот, анткени, окуучулардын жыл сайын саны 14877,7 адамга орточо көбөйөт, ал 1.26% түзөт. Окуучулардын орточо саны каралган мезгилде – 1100038,7 окуучуну түзгөн.

Тизмекти текшилөө динамикасын формула боюнча келтиребиз:

$$\tilde{y}(t) = y_0 + \overline{\Delta} \cdot t \quad (3.3),$$

Алабыз: $\tilde{y}(t) = 1064396 + 14877{,}7t$,

Жеке жалпы билим берүү мекемелеринде окугандардын орточо жылдык өсүүсүн формула боюнча аныктайбыз:

$$\bar{\Delta} = \frac{y_1 - y_0}{n-1} = \frac{24366 - 15565}{10-1} = 977{,}9$$ окуучулардын

орточо жылдык өсүү темпи:

$$\bar{T} = \frac{24366}{15565} \times 100\% = 1{,}565 \times 100\% = 156{,}5\%$$

$$\bar{T}_{\text{прироста}} = \bar{T} - 100 = 156{,}5 - 100 = 56{,}5\%$$

$$y = \frac{\sum y}{n} = \frac{15565+12104+11647+10729+13670+17009+19391+19465+20623+24366}{10} = 16456{,}9$$

Тизмекти текшилөө динамикасын формула боюнча келтиребиз:

$$\tilde{y}(t) = y_0 + \overline{\Delta} \cdot t$$

Алабыз: $\tilde{y}(t) = 15565 + 977{,}9t$

**3.3-таблица – Жеке жалпы билим берүү мектептеринде окугандардын санынын өзгөрүү динамикасы (миң окуучу)**

| Жыл | Саны | Абсолюттук өсүү | | Өсүү темпи, % | | Өсүү темпи, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | базизтик | чынжырлуу | базистик | базистик | чынжырлуу | Базистик |
| 2009 | 15565 | - | - | - | - | - | - |
| 2010 | 12104 | l-3461l | l-3461l | 77,8 | 77,8 | l-22,2l | l-22,2l |
| 2011 | 11647 | l-3918l | l-457l | 74,8 | 96,2 | l-25,2l | l-3,8l |
| 2012 | 10729 | l-4836l | l-918l | 68,9 | 92,1 | l-31,1l | l-7,9l |
| 2013 | 13670 | l-1895l | 2941 | 87,8 | 127,4 | l-12,2l | 27,4 |
| 2014 | 17009 | 1444 | 3339 | 109,3 | 124,4 | 9,3 | 24,4 |
| 2015 | 19391 | 3826 | 2382 | 124,6 | 114,0 | 24,6 | 14 |
| 2016 | 19465 | 3900 | 74 | 125,1 | 100,4 | 25,1 | 0,4 |
| 2017 | 20623 | 5058 | 1158 | 132,5 | 105,9 | 32,5 | 5,9 |
| 2018 | 24366 | 8801 | 3743 | 156,5 | 118,1 | 56,5 | 18,1 |

Абсолюттуу өсүү бир катар өзгөрүүнүн абсолюттуу ылдамдыгын билдирет жана берилген деңгээл менен салыштырууга алынган деңгээлдин ортосундагы түрдүүлүк катары аныкталат.

Демографиянын анализинин негизинде 2020-жылга чейин:

- 15-24 жаш курагындагы жаштардын тобунун жок эле дегенде 2013-жылга чейин үзгүлтүксүз кыскаруусу күтүлөт, бул жалпы билим берүү мектептеринин, кесиптик лицейлердин жана колледждердин ортосунда 9-класстан жана 11-класстан кийинки бүтүрүүчүлөр үчүн атаандаштыктын

өсүшүнө алып келет. Айрым аймактарда, мисалы, Чүй областында бул топ жылына 2,3% кыскарат;

- РФдагы жана Казакстандагы мигранттардын 40%дан көбүрөөк ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн жана 20%дан ашык кесиптик лицейлер менен колледждердин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик билим берүү жана окутуу системасынын ишмердүүлүгүнө миграциянын таасир берүү мүмкүндүгү;

- 10-12% мигранттар гана ишкер, жетекчи же кызматчы иштери менен алектенишет, калгандары төмөн квалификациялуу иштерде эмгектенишет. РФга жана Казакстанга мигранттардын бир кыйла агымына карабастан, мигранттардын КРда алган кесиптик жана билим квалификациясы бул эмгек рынокторунда муктаждыкты талап кылган жок: 17% мигрант 17 жана андан жаш куракта болгон, бул КРда кесиптик билим берүү жана окутуу үчүн кардарлардын кыскаруусуна алып келет.

Кесиптик билим берүүнүн керектүү маанилүү тобу болуп саналган 15-24 жаш курактагы топ калктын 18,8% түзөт. Туруктуу калктын үчтөн бири (34%) шаар конуштарында жашаган жана экиден үчү (66%) айылда турушкан. Миграциялык тең салмак баштагыдай эле эмигранттардын саны иммигранттардыкынан ашып түшкөндүгү менен мүнөздөлгөндүктөн, калктын санынын өсүшү табигый өсүүнүн эсебинен жүзөгө ашырылат. 2015-2018-жылдары калктын санынын өсүшү 2,1% түзгөн. Жогорку көрсөткүч Бишкек шаарында, Баткен жана Ош областтарында – 2,3-2,5% болгон, ал эми төмөнкү көрсөткүч Нарын жана Ысык-Көл областтарында – 1,1%-1,3% болгон. КР жаш курамы менен айырмаланат, 2018-жылдын башында жалпы санынын 33% балдар жана өспүрүмдөр түзгөн, 60% - эмгекке жарамдуулар жана 7% - эмгекке жарамдуу курактан жогорулар түзгөн.

2018-жылдын башында 7-10 жана 11-15 жаштагы балдардын саны ошого окшош мезгилдеги 2014-жылга салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 81,2 миң жана 33,6 миң кишиге көбөйгөн, ал эми 16-17 жаштагы балдардын саны 16,7 миң кишиге кыскарган.

15-24 жаштагы топтун прогнозу. Акыркы 5 жылда 15-24 жаштагы калктун тобунда өсүш болгон эмес. Айрым аймактарда, мисалы, Чүй областында бул топ тез ылдамдыкта бир жылда 2,3%га азайган. Ири шаарлар – Бишкек жана Ош бул топту өтө жогорку деңгээлде, жылына 5,5-6,3% менен жоготкон. Өткөн 5 жылдын маалыматынын негизинде келечектеги 5 жылга жүргүзүлгөн биздин прогноз боюнча 2023-жылга карата өлкөдө жалпысынан жана аймактарда жаштардын саны олуттуу түрдө төмөндөйт. КРда төрөлүү деңгээлинин жогорку көрсөткүчү (2,3%) 15-24 жаш курактагы топтун ушундай эле өсүү темпине алып келген эмес, анын негизги себеби, төрөлүүнүн жогорку деңгээлдеги өсүүсү акыркы жылдарда гана болуп өткөн.

Биз тараптан негизги көрсөткүчтөрүн түзгөн билим берүү системасындагы жүрүп жаткан тенденциялар анализ кылынды жана бааланды ошондой эле, прогноздолду (педагогдордун айлык акысынын деңгээли, билим берүү уюмдарынын мамлекеттик бюджетинин аныктоо, билим берүү системасыннын мамлекеттик жана жеке секторунун карым-

катышы ж.б.) параметрлери билим берүү системасынын туруктуулугун аныктайт.

Билим берүү чөйрөсүндөгү кызматкерлердин орточо айлык акысы боюнча, өздүк форма менен корреляциялык анализ жана статистикалык маалыматтарды колдонуу менен башталгыч билим берүүнүн 2006-жылдан 2017-жылга чейинки абалын анализдөөгө болот:

1. Мамлекеттик каржылоонун ортосундагы (x) жана жеке (y) сызыктык көз карандылыктын ордуна корреляциялык анализди колдонуу менен аныктайбыз: - бул түзүүчүлөрдүн ортосундагы багыт жана тыгыздык; сызыктык регрессиянын тандалма теңдеме коэффициенттери; λ=0,05 сызыктык корреляциянын тандалма коэффициентинин маанисин текшеребиз; эгерде кызматкерлердин орточо айлык акысы мамлекеттик формада 20000 сомду түзсө, жеке менчик формадагы кызматкерлердин орточо айлык акысынын өзгөрүүсүн прогноздойбуз. Келтирилген 3.4-таблица маалыматтардын негизинде аныктоого болот:

**3.4 таблица – 2006-жылдан 2017-жылга чейин менчик формасы жана деңгээли боюнча билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин орточо айлык акысы, бардыгы 10 жыл (n=10).**

Баштапкы билим берүү

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| X | 1377 | 1893 | 2511 | 2631 | 2807 | 7860 | 7948 | 9789 | 10891 | 11000 |
| Y | 2424 | 2858 | 3386 | 4248 | 5101 | 6597 | 7789 | 11350 | 10969 | 12283 |

Аныктайбыз:

1. Корреляциялык анализдин жардамы менен X жана Y ортосундагы багытты жана байланышты, 3.4 корреляция коээфицент формуласын колдонуу менен аныктайбыз:

$$r_b = \frac{\overline{xy} - \bar{x} \times \bar{y}}{б_\lambda \times б_y} \qquad (3.4),$$

Эсептөө үчүн бул формуланы колдонуу менен таблицаны түзөбүз ($r_b$- болсо – бул тандалган корреляция коэффициенти ) 3.5-таблица.

Мындан ары 3.5-таблица боюнча, алардын орточо маанисин аныктайбыз, андан эсепти келтиребиз,

$$\overline{x.y} = \frac{522186174}{10} = 52218617{,}4$$

$$\overline{y^2} = \frac{573777121}{10} = 57377712{,}1$$

$$\overline{x^2} = \frac{486974815}{10} = 48697481{,}5$$

$$\bar{y} = \frac{67005}{10} = 6700{,}5$$

$$\bar{x} = \frac{58707}{10} = 5870{,}7$$

$$б_x{}^2 = \overline{x^2} - (\overline{x^2}) = 48697481{,}5 - 5870{,}7^2 = 14232363{,}01$$

$$б_\lambda = \sqrt{14232363{,}01} = 3772{,}58042$$

$$б_y{}^2 = y^2 - (\overline{y})^2 = 57377712{,}1 - 6700{,}5^2 = 12481011{,}88$$

$$б_y = \sqrt{12481011{,}85} = 3532{,}84,$$

анда тандалма корреляция коэфициенти

$$r_b = \frac{52218617{,}4 - 5870{,}7 \times 6700{,}5}{3772{,}58042 \times 3532{,}84} = \frac{12881992{,}05}{13327923{,}01} = 0{,}9665$$

**3.5-таблица – Мамлекеттик жана жеке билим берүү чөйрөсүндөгү кызматкерлердин орточо айлык акысынын карым-катышынын тандалма коэфициенти**

| № n/n | X | Y | $X^2$ | $Y^2$ | X×Y |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1377 | 2424 | 1896129 | 5875776 | 3337848 |
| 2 | 1893 | 2858 | 3583449 | 8168164 | 5410194 |
| 3 | 2511 | 3386 | 6305121 | 11464996 | 8502246 |
| 4 | 2631 | 4248 | 6922161 | 18045504 | 11176488 |
| 5 | 2807 | 5101 | 7879249 | 26020201 | 14318507 |
| 6 | 7860 | 6597 | 61779600 | 43520409 | 51852420 |
| 7 | 7948 | 7789 | 63170704 | 60668521 | 61906972 |
| 8 | 9789 | 11350 | 95824521 | 128822500 | 111105150 |
| 9 | 10891 | 10969 | 118613881 | 120318961 | 119463379 |
| 10 | 11000 | 12283 | 121000000 | 150872089 | 135113000 |
| $\sum$ | 58707 | 67008 | 486974815 | 573777121 | 522186174 |
| Орточо | 5870,7 | 6700,5 | 48697481,5 | 573777121 | 52218617,4 |

Келтирилген эсептен биз тандалма корреляция коэфициенти мамлекеттик жана жеке сектордун ортосундагы орточо айлык акы $r_b = 0{,}9665$ түзгөндүгүн көрүүгө болот. X жана Y ортосундагы байланыш жетишерлик тыгызды билдирген $r_b$- бирдикке жетишерлик жакын жана $r_b > 0$ , бул параметрлер ортосундагы түз байланышты күбөлөндүрөт.

2. Регрессиялык анализге негиздөө менен болгон маани үчүн түз сызык регрессиясынын тендемесин түзөбүз, $r_b > 0$ , бул жерде $\rho$ жана $b$ белгисиз параметрлер. Бул параметрлерди азыраак квадрат методу менен табабыз: бул жерде $\boxed{\rho - \text{коэффициент регрессии}}$

$$\rho = \frac{n \times \sum x_i \times y_i - \sum x_i \times \sum y_i}{n \times \sum x_i{}^2 - (\sum x_i)^2}$$

$$b = \frac{\sum x_i^2 \times \sum y_i - \sum x_i \times \sum x_i \times y_i}{n \times \sum x_i - (\sum x_i)^2}$$

Эсеп таблициасы боюнча (4.2-таблица) регрессиянын параметрлерин аныктоо үчүн ρ жана b жана тиешелүү билим деңгээлиндеги алардын маанисин табабыз:

$$\rho = \frac{10 \times 522186174 - 58707 \times 67005}{10 \times 486974815 - 58707^2} = \frac{1288199205}{1423236301} = 0{,}905$$

$$b = \frac{486974815 \times 67005 - 58707 \times 522186174}{10 \times 486974815 - 58707^2} = 1386{,}82$$

анда регрессия теңдемеси төмөнкүдөй көрүнүшкө ээ болот:

$$\bar{y} = 0{,}905x + 1386{,}82$$

Жогоруда келтирилген анализдин негизинде (регрессия теңдемеси) регрессия коэффициенти көрсөтөт, эгерде мамлекеттик каржылоо педагогикалык курамдын айлык акысы x (мамлекеттик) орточо 1000 сомго көбөйсө, анда y (жеке) орточо өз карандылыгы бул шарттардан (10 жылга маалымат), орточо көбөйүүсү $\bar{y} = 0{,}905 \times 1000 + 1386{,}82 = 2291{,}82$ сома, 3.1 жана 3.2 таблицада келтирилген маалыматтардан мындай көз карандылык бар экендигин жана жеке билим берүү уюмдарынын айлык акысынын карым-катыш тенденциясы мамлекеттикке салыштырмалуу дайыма көбүрөөк көрсөткүчкө ээ болот.

3. 2=0,05 болгондо сызыктуу корреляциянын тандалма коэффициентинин маанисин текшерүү керек

Бул үчүн $H_0$ гипотезасы келтирилет – өзгөрүлмө X жана Y башкы жыйындылардын ортосундагы сызыктуу корреляциянын жоктугу жөнүндө, б.а,

$$H_0 : r_2 = 0 \qquad (3.5),$$

$r_2$ - башкы корреляция коэфициенти.

Бул гипотезаны текшеребиз, макулдашуу критерийи колдонулат $t = \frac{r \times \sqrt{n-2}}{\sqrt{1-r_b^2}}$ t- бөлүштүрүү Стьюдент с k=n-2 эркин даражага ээ.

Ошентип $H_0$ көтөрөбүз: $r_2 = 0$ б.а. x (мамлекеттик) жана y (жеке) айлык акынын ортосундагы сызыктык корреляциянын жоктугу жөнүндө ($r_2$ – КР бардык билим берүү формасы боюнча башкы корреляция коэффициенти).

$H_0$ текшерүү үчүн $H_1$ - $r_2 \neq 0$: альтернативдүү гипотезаны жылдырабыз:

а) байкалган критерийдин маанисин эсептеп чыгарабыз

$$t_{набл} = \frac{r_b \times \sqrt{n-2}}{\sqrt{1-{r_b}^2}} = \frac{0{,}9665 \times \sqrt{10-2}}{\sqrt{1-0{,}9665^2}} = \frac{0{,}9665 \times \sqrt{8}}{\sqrt{0{,}06587775}} = \frac{2{,}7337}{0{,}2567}$$
$$= 10{,}6494$$

б) Стьюдент бөлүштүрүүнүн критикалык чекитинин таблицасы боюнча табабыз: $\lambda$=0,05 жана k=10-2=8 б.а. $t_{кр}$(0,05;8)=2,31

в) анткени $|t_{набл}| > t_{кр}$ – гипотеза кабыл албайт, т.а. X менен Y ортосундагы тыгыз байланыш бул учурда мамлекеттик жана жеке билим берүү уюмдарынын ортосундагы айлык акынын деңгээлинде түз жана тыгыз көз карандылык бар.

г) x=20000 сом болгондо прогноз кылабыз, анда жеке формадагы айлык акынын орточо көлөмү өзгөрүлөт:

$$\bar{y} = 0{,}905 \times 20000 + 1386{,}82 = 19486{,}82 \text{ сома}.$$

Мамлекеттик жана жеке уюмдардын ортосундагы корреляциялык анализ жана регрессия деңгээлин колдонуу менен жүргүзүлгөн статистикалык эсеп төмөнкүдөй корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берет:

эгерде мамлекеттик айлык акы баштапкы билим берүүдө 3-4 эсеге көбөйсө, анда регрессия деңгээлине ылайык жеке уюмдарды каржылоо айлык акынын жогорку параметрин көтөрө албайт жана ар кандай мүмкүнчүлүккө ээ экендигин прогноздоого болот;

экономиканын өсүү темпинен жана билим берүү секторун мамлекеттик бюджеттөөнүн үлүшүнөн мамлекетке 3-4 эсе көбөйтүү боюнча секирик жасоо кыйын болот, жеке каржылоо жакынкы келечекте мамлекеттиктен туруктуу жогоруболот, б.а. азыркы шартта мамлекеттик бюджеттен айлык акыны белгилөөнүн темпин сактоонун шартында жеке уюмдарды фондоонун көлөмүнүн деңгээли (башка өлкөлөрдүн колдоосунун негизинде инвестициялоо, мамлекеттик-жеке өнөктүк долбоорун ишке ашыруу жана башка факторлор) минималдуу керектөө корзинасына, жыл сайын инфляция жана глобалдык финансылык өзгөрүүнүн негизделген үзгүлтүксүз өсүү тенденциясына ээ.

Билим берүү системасында мамлекеттик бюджеттөөнү анализ кылуу жана баалоо, ошондой эле болуп жакткан тенденциясына прогноздоо үчүн биз тараптан акыркы 10 жылда билим берүүнүн чыгымдарын каржылоонун негизги багыттары боюнча статистикалык изилдөө жүргүзүлдү. Каржылоонун көлөмү жана билим берүү чыгымдарынны өзгөрүүсү КР билим берүү рыногунун жалпы экономикалык жана финансы-кредиттик абалын чагылдырат. КР билим берүү мекемелерин каржылоо системасын өнүктүрүү көптөгөн ички дагы, тышкы дагы параметрлерден көз каранды.

Билим берүү секторунун мамлекеттик бюджетинин чыгымдарынын структурасы боюнча 2006-2017-жылдары үчүн корреляция жана статистикалык топтоштуруу методун колдонуу менен төмөнкүдөй жыйынтыктар алынды:

Билим берүү уюмдарынын, атап айтканда, жогорку жана орто билим берүү (X – жогорку билим берүүгө, Y – орто билим берүүгө) деңгээли жана түрү боюнча чыгымдардын структурасынын финансы-экономикалык параметрин баалоо боюнча статистикалык көз карандылыкты аныктоо үчүн тандалма корреляция коэфициентин колдонобуз (4.1 формуласын караңыз), төмөнкү эсептик маалыматтар 3.6, 3.7-табл. көрсөтүлдү.

1. Келтирилген формула боюнча эсепке ылайык таблицанын маанисин түзөбүз жана X жана Y эки көрсөткүчүнүн ортосундагы 10 жылдык аралыктагы тыгыздыкты аныктайбыз:

$$r_b = \frac{\overline{xy} - \bar{x} \times \bar{y}}{б_\lambda \times б_y} \qquad (3.6),$$

$r_b$- болсо – бул тандалган корреляция коэффициенти.

**3.6-таблица – Билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгымдарынын структурасы**

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **X** | 1135,2 | 1459,4 | 1827,6 | 1959,2 | 1989,7 | 3078,1 | 3412,3 | 3854,2 | 4395,4 | 4802,7 |
| **Y** | 3822,3 | 5757,5 | 6384,4 | 7549,9 | 7933,1 | 14852,1 | 15102,6 | 16997,2 | 20233,2 | 20983,4 |

бул жерде X – жогорку кесиптик билим берүү,

Y – орто билим берүү

**3.7-таблица – КР ЖКББ жана орто билим берүүнү 10 жылга мамлекеттик бюджеттөөнүн көлөмү боюнча карым-катышынын тандалма коэффициенти**

| № | X | Y | $X^2$ | $Y^2$ | X×Y |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1135,2 | 3822,3 | 1288679,04 | 14609977,29 | 4339074,96 |
| 2 | 1459,4 | 5757,5 | 2129848,36 | 33148806,25 | 8402495,5 |
| 3 | 1827,6 | 6384,4 | 3340121,76 | 40760563,36 | 11668129,44 |
| 4 | 1959,2 | 7549,9 | 3838464,64 | 57000990,01 | 14791764,08 |
| 5 | 1989,7 | 7933,1 14852,1 | 3958906,09 | 62934075,61 | 15784489,07 |
| 6 | 3078,1 | 15102,6 | 9474699,61 | 220584874,41 | 45716249,01 |
| 7 | 3412,3 | 16997,2 | 11643791,29 | 228088526,76 | 51534601,98 |
| 8 | 3854,2 | 20233,2 | 14854857,64 | 288904807,84 | 65510608,24 |
| 9 | 4395,4 | 20983,4 | 19319541,16 | 409382382,24 | 88933007,28 |
| 10 | 4802,7 | | 23065927,29 | 440303075,56 | 100776975,18 |
| $\sum$ | 27913,8 | 119615,7 | 92914836,88 | 1795718079,33 | 407457394,74 |
| Орточо | 2791,38 | 11961,57 | 9291483,688 | 179571807,933 | 40745739,474 |

$$б_x{}^2 = \overline{x^2} - (\overline{x^2}) = 9291483{,}688 - 2791{,}38^2 = 1499681{,}3836$$

$$б_x = 1499681{,}3836 = 1224{,}615$$

$$б_y{}^2 = y^2 - (\bar{y})^2 = 179571807{,}933 - 11961{,}57^2 = 36492651{,}069$$

$$б_у = \sqrt{36492651{,}069} = 0{,}994,$$

анда

$$r_b = \frac{40745739{,}474 - 2791{,}38 \times 11961{,}57}{1224{,}615 \times 6040{,}915} = \frac{7356452{,}21}{7397795{,}12} = 0{,}994$$

2. Түз сызык регрессиясынын теңдемесин түзүү

$$\overline{y} = \rho x + b$$

$$\rho = \frac{10 \times 407457394{,}74 - 27913{,}8 \times 119615{,}7}{10 \times 92914836{,}88 - 27913{,}8^2} = \frac{735645220{,}74}{149968138{,}36} = 4{,}912$$

$$b = \frac{92914836{,}88 \times 119615{,}7 - 27913{,}8 \times 407457394{,}74}{149968138{,}36} = -1731{,}108$$

Анда регрессия теңдемеси $\overline{y} = 4{,}912x - 1731{,}108$

3. $\lambda$=0,05 болгон учурда тандалма сызыктуу корреляция коэфициентинин маанисин текшеребиз, гипотеза алып чыгабыз $H_0 : r_2 = 0$ жана $H_1 - r_2 \neq 0$

а) $f_{набл} = \frac{0{,}994 \times \sqrt{10-2}}{\sqrt{1-0{,}994^2}} = \frac{2{,}8115}{\sqrt{0{,}011964}} = \frac{2{,}8115}{0{,}1094} = 25{,}699$

б) $f_{кр}(0{,}05; 8) = 2{,}31$

в) $|f_{набл}| > f_{кр}$ – гипотеза $H_0$ кабыл алынбайт, X жана Y маанилеринин тыгыз байланышы колдонулат.

Келтирилген эсептердин негизинде биз тандалма корреляция коэффициентинин маанисин ала алдык $r_b = 0{,}994$, жогорку кесиптик билим берүү (х) жана жалпы орто билим берүү (у) ортосунда түз байланышты билдирет, каржылоонун жалпы өзгөрүү тенденциясы менен жыл сайын айырма байклаардык өзгөрүп турат. (2006 жана 2017-жылы мамлекеттик бюджеттен каржылоо маанисин салыштыруу менен, мындай көрүнүшкө ээ (у)/ (х)=3.36 (2006-ж.), КР орто билим берүү системасын каржылоо туруктуу артыкчылыкка ээ экенигин белгилей кетүүгө болот.

Төртүнчү бөлүм **«Билим берүү уюмдарынын каржылоо механизмдерин оптималдаштыруу жана алардын модернизациялоо»** деп аталып, азыркы болуп жаткан Кыргыз Республикасынын билим берүү секторундагы механизмдердин жана модернизациясынын тажрыйбасы, ошондой эле билим берүү уюмдарынын модернизациясынын алкагындамамлекеттик-жеке өнөктөштүк боюнча проблемалуу маселелери изилденди.

Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негизги багыттары 2012-2020-жылдары Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн өнүктүрүүнүн концепциясында баяндалган (КРӨ 2012-жылдын 23-мартындагы №201 токтому). 2012-2020-жылдары билимберүүнүн өнүктүрүү стратегиясынын алкагында 7 программа ишке ашырылат (башкаруу, мониторинг жана билим

берүүнү стратегиялык пландоо, мектепке чейинки билим берүү жана балдарды мектепке даярдоо, мектептик билим берүү, мектептенн ышкары билим берүү, башталгыч билим берүү, жогорку кесиптик билим берүү, чоңдорго билим берүү жана формалдуу эмес билим берүү) билим берүү системасынын негизги деңгээлдерин камтыган жана концептуалдык жоболорду ишке ашырган бардык жашоодогу билим берүү жөнүндөгү эл аралык жана өлкөнүн документтеринде бекитилген *[2017-2019-жылдары Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү прогнозу / КРӨ 2016-жылдын20-майындагы №270 токтому]*. Аталган концепция турктуу өнүктүрүүнүн 4 максатын тең чагылдырат – «Жалпыга жана адилеттүү сапаттуу билим берүү жана бардыгы үчүн өмүрүнүн акырына чейин окуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берүүнү кмасыз кылуу».

2020-жылга чейин билим берүүнүн өнүктүрүү стратегиясы бардык мөөнөттө аракеттенүү менен ишке ашырылат,билим берүүнүн төмөнкү деңгээлдерин жана маанилүү артыкчылыктарын кматыйт:

- башкаруу, мониторинг жана билим берүүнү стратегиялык пландоо;
- мектепке чейинки билимберүү жана балдарды мектепке даярдоо;
- башталгыч кесиптик билим берүү;
- орто кесиптик билим берүү;
- жогорку кесиптик билим берүү;
- чоңдорго билим берүү жана формалдуу эмес билим берүү.


Бюджеттик чыгашалардын экономикалык классификациясынын беренелери боюнча бюджеттик каражаттар, биринчи кезекте, билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акыларын, анын ичинде үстөк жана кошумча төлөмдөрдү, окуучулардын жөлөкпулдарын жана студенттердин стипендияларын төлөө үчүн бөлүштүрүлөт. Жана анын жыйынтыгында, алар билим берүү процессин, билим берүү кызматтарынын сапатын жакшыртууну камсыз кылууга, билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасын кармоого жана өнүктүрүүгө багытталган чыгымдардын беренелери жетишсиз каржыланат.

Демек, бюджеттик ресурстардын жетишсиздигинин шарттарында билим берүү уюмдарын каржылоонун колдонуудагы механизминин натыйжалуулугу төмөнкүлөр менен шартталган:

- бюджеттик классификациянын беренелерине жана катуу максаттуу дайындалышына жараша финансылык каражаттардын бөлүштүрүлүшүнө ылайык билим берүүгө карата чыгымдарды каржылоо, бул күндөлүк маселелерди ыкчам чечүү үчүн аларды зарылдыгы боюнча пайдалануу мүмкүнчүлүгүн чектейт;
- финансылык каражаттарды колдонуу үчүн катуу контролдук, ошондой эле аларды чыгыштоону негиздөөнүн зарылдыгы, бул билим берүү уюмунун мыйзамдык негизде аныкталган финансылык-экономикалык автономиясын чектейт;

- бюджеттердин бардык вертикалы боюнча финансылык каражаттардын кыймылы, бул каржылоонун акырындашына алып келет;
- бекитилген сметага оңдоолорду киргизүүгө мүмкүн эместиги, бул да билим берүү уюмунун өз алдынчалыгын чектейт;
- республиканын региондору ортосундагы билим берүү кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын айырмачылыктар индекси (4.1-сүр.көр.).

Билим берүү уюмдарын каржылоо, ага тийиштүүлүгүнө жараша билим берүү уюмунун демөөрчүсү ага гана таандык деңгээлдеги бюджеттен жүргүзүлөт, бул жалпы билим берүү уюмун  каржылоо жергиликтүү бюджеттен гана жүргүзүлүшү мүмкүн дегенге алып келди. Бюджеттик каражаттар, ал ага караган жергиликтүү бюджетке бөлүштүрүү аркылуу гана жалпы билим берүү уюмунда билим берүү процессин уюштурууга багытталашы мүмкүн, бирок бөлүнгөн финансылык каражаттарды ушул жалпы билим берүү уюму алат дегенге кепилдик жок.




**4.1-сүрөт. КР областары боюнча билим берүү кызматына керектөөчүлүк баалардын индекси**

Булак: автор тарабынан УСК маалыматы боюнча түзүлдү [http://www.stat.kg**]**

Ошентип, КР билим берүүсүн өнүктүрүү бюджеттик каражаттардын жетишсиздигине жана билим берүү уюмдарын каржылоо системасынын жетишсиздигине шартталган. Бюджеттик жетишпестиктин шартында бюджеттик эмес каражаттарды тартуу зарылдыгы жогорулайт. Билим берүү уюмдары бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуунун булагы катары кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка ишмердикти жүргүзө алышат.

Ар бир окуучуга, класс-комплектке, топко карата типтүү ченемдерди эске алуу менен билим берүү уюмдарынын муктаждыктарына карата каржылоонун көлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан жыл сайын бекитиле турган республикалык бюджетте каралат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине каражаттар республикалык бюджеттен келип түшөт, ал өз кезегинде төмөнкүлөрдү каржылоого багытталат

- мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарына (коммуналдык кызматтарга жана имараттарды жана жайларды кармоого карата чыгашалардан башка);
- райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө;
- мектепке чейинки, мектептен тышкаркы жана башка билим берүү уюмдарынын эмгек акы төлөө фонду боюнча чыгашаларды каржылайт[Кыргыз Республикасынын билим берүү секторун каржылоо. *Аналитикалык обзор / Н.Токтогулова, А .Темиров, О. Римская. – Б., ЭД «БИОМ»,. 2016. – 53б.]:.*

Мындай реформалардын критерийлеринин бири жалпы билим берүү мектептеринде башталган киши башына каржылоо реформасын белгилей кетүүгө болот. Жан башына каржылоонун негизинде бир окуучуга деп эсептегендеги жалпы билим берүү уюмдарынынбюджетин пландаштыруудан турат, муну менен бирге шаардык жана айылдык мектептердин ортосунда мектептердин типтери (баштапкы, негизги жана жалпы билим берүү мектептери, мектеп-интернат) боюнча,ошондой эле билим берүүнүн баскычтарынынденгээли (I баскыч - 1-4- класстар, II баскыч - 5-9-класстар, III баскыч - 10-11-класстар)боюнча айырма бар.

Азыркы учурда, КР мектептеринин 92% (1906 мектеп) ченемдик каржылоо шарттарында иштейт. Мектептин бюджетин эсептөө формуласы коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө карата чыгашалардан башка бардык күндөлүк чыгашаларды каржылайт. Анын ченеми Финансы министрлиги менен макулдашуу аркылуу БИМ (Билим берүү жана илим министрлиги) тарабынан эсептелет жана Өкмөт тарабынан бекитилет. 2017-жылы бир окуучуга карата орточо чыгымдар жылына 18012 сомду түздү.

Ченемдик каржылоону ишке киргизүү жана орто кесиптик билим берүү деңгээлинде башталды. Ошентип, «Кыргыз Республикасынын орто медициналык жана фармацевтикалык билим берүү мекемелерин каржылоо жөнүндө» КРӨ 2008-жылдын 10-июнундагы № 279 токтомуна ылайык, орто медициналык жана фармацевтикалык билим берүү мекемелеринин чыгашаларынын сметаларын түзүү, 1 студентке деп эсептегендеги бюджеттик каржылоонун миниамлдуу стандарттарынын негизинде жүргүзүлөт.

2016-жылы «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоонун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлундагы №370 токтому жана 2016-жылдын 16-майындагы №209 - буйругу кабыл алынган, анда жогорку билим берүү системасында ченемдик каржылоо принцибин жана ченемдик каржылоо моделин республиканын 40 мектебине чейинки билим берүү уюмдарында пилоттук апробацияны ишке киргизүү каралган.

НПТО системасына киши башына каржылоону ишке киргизүүнүн милдеттери (ПФ) 2020-жылы Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында турат (Бөлүк "Баштапкы кесиптик билим берүү") жана 2012-2014-жылдарга иштердин планы (3.3.3.п.). АӨБ долбоорунун алкагында ушул милдеттерди

аткаруу үчүн "Кыргыз Республикасынын баштапкы кесиптик билим берүүнүн 10 кесиптик лицейлеринде бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарттарынын негизинде каржылоонун ченемдик принциптерин ишке киргизүү боюнча пилоттук долбоорду жүргүзүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 9-октябрындагы № 591 токтому даярдалган жана кабыл алынган.

Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү жөнгө салуучу негизги мыйзам актыларынын бири “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө” КР 22.02.2012-ж. мыйзамы болуп саналат, анда МЖӨ долбоорлоруна катышкантараптардын так аныктамалары, алардын ролу жана милдеттери берилет. МЖӨ жөнүндө Мыйзам кабыл алынганга чейин “Кыргыз Республикасындагы концессиялар жана концессиялык ишканалар жөнүндө» жана “Жер казынасын пайдалануу учурунда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу тууралуу” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындамамлекеттик-жеке өнөктөштүктүнайрым элементтери кездешкен.Бул мыйзамдар макулдашуулардын негизинде мамлекеттин жана жеке сектордун ортосундагы узак мөөнөттүү кызматташуусунун мүмкүнчүлүгү карайт*[http://cbd.minjust.gov.kg*].

Фонова О.В. (2011-ж.) өзүнүн изилдөөлөрүндө белгилегендей, рынок мамилесине өтүү менен билим берүүнү каржылоо методдору жана булактары алмашат. Кесиптик билим берүүнү бюджеттик каржылоо, бюджеттик каражаттарды эффективдүү пайдаланууну жогорулатуу шарттарын түзүү менен, билим берүү уюмдарга бюджеттик эмес ресурстарды тартуу менен стимул берүү зарыл. Бул үчүн рационалдуу пайдаланууга тоскоолдуктарды жоюу атап айтканда, финансылык агымдарды легалдаштыруу, билим берүү систмемасына тапшырыктын негизинде жумуш берүүчүлөрдүн каражаттарын тартуу билим берүү программасын практикага жакындаштырууга мүмкүндүк берет.

Мындай механизмдерди иштеп чыгуу, өлкөнүн банк секторунун мындай каржылоону берүү боюнча мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгондуктан улуттук валютадагы узак мөөнөттүү каражаттарды карызга берүү үчүн инфратүзүмдөрдү каржылоо фонду сыяктуу эң мыкты эл аралык практикаларга ылайык МЖӨ долбоорлорунун ишке жөндөмдүүлүгүн жана финансылык жагымдуулугу үчүн керектүү финансылык куралдарын түзүүгө көмөктөшөт.

Баарыдан мурда каржылоонун төмөнкү мүмкүн болгон булактарын жана финасылык камсыз кылууну, анын ичинде, бюджеттик ресурстар жана финансылык институттар, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын мызйамдарына каршы келбеген башка каржылоо булактарын камтыган рынок капиталын кароо керек:

- кепилдик фонду – жеке каржылоо булактарынын тобокелдерин азайтуу максатында валютанын төмөндөө тобокелдиги, кредит берүү наркынын жогорулоо тобокелдиги, жетишерлик эмес кирешелүүлүк тобокелдиги, саясий тобокелдик;

- субсидияланган каржылоо фонду – МЖӨ долбоорунун жетишсиз жашоо жөндөмдүүлүгүн каржылоо үчүн, экономикалык негизделген жана өзүнө тарткан, бирок колдонуучулардын төлөмдөрүнөн кирешеси финансылык жашоого жөндөмдүү болуп саналбайт.

**4.1-таблица - МЖӨ катышуучулары үчүн артыкчылыктар**

| Мамсектор үчүн артыкчылыктар | Жеке сектор үчүн артыкчылыктар |
|---|---|
| Оң бюджеттик жана социалдык-экономикалык эффект (инвестициялык долбоорду тех ишке ашшыруу мүмкүндүгү) | Долбоорду ишке ашырууда мамлекеттин административдик жана саясий аракеттенүүсү |
| Коомдук пайдалануудагы курулуш объекттери үчүн жеке капиталды тартуу | Мамлекет тарабынан тобокелдин бөлүнүүсү |
| Жеке инвесторлорго адекваттуу сый акы үчүн тобокелдин бөлүгүн которуу | Мамлекет тарабынан кепилдиктер:<br>- минималдуу кирешелүүлүк;<br>- акы төлөнүүчү объекттерди берүүдөн киреше алууга укук түрүндөгү салынган каражаттарды кайтарып алуу;<br>- инвестордун каражатынын бөлүгүн жана толук түрдө кайтарып алуу |

Булак: автор тарабынан КР УСК маалыматы боюнча түзүлдү [http://www.stat.kg]

Башкаруу чөйрөсүндөгү билим берүүнүн таяна турган компоненттеринин МЖӨ механизмдери: а) кадрларды даярдоо же кайра даярдоо чөйрөсүндө программаны ишке ашырууга багытталган билим берүү борборун же башка билим берүү структурасын түзүү (конференция, тегерек стол, семинар, масетр-класс ж.б. формасында); б) ББМ окутуучуларынын компаниянын адистеринин квалификациясын жогорулатуу максатында корпоративдик билим берүү программасына заманбап билим берүү технологияларын жана өндүрүш чөйрөсүнүн жана билим берүү чөйрөсүнүн ортосундаггы тажрыйба алмашууну ишке ашырууну эске алуу менен катышуусу; в) басма ишмердүүлүгү чөйрөсүндөгү долбоорлор; г) илимий-изилдөө жана илимий-практикалык ишмердүүлүк чөйрөсүндө МЖӨ механизмдери. [4,5]?

Актуалдуулугу бүт дүйнөдө жана Кыргызстанда МЖӨ өнүгүү темпинин өсүүсү менен шартталат. Бир тараптан социалдык-экономикалык жашоонун кыйындыгы мамлекеттик коомдук маанилүү функцияны аткаруусун татаалдатат. Экинчи тараптан – бизнес инвестициялоо үчүн жаңы объекттерге кызыкдар. Өлкөдө инфраструктуралык жетишсиздик байкалат. Калк инфраструктуранын өнүгүүсүнө өзүнчө төлөөгө даяр эмес, ал эми мамлекеттик бюджет каржылоонун жалгыз булагы болуп саналат жана бул тармакты милдеттүү деңгээлде каржылоого күчү жетпейт. Экономиканын социалдык-маанилүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө бюджеттик каражаттардын жетишсиздиги, мындан улам салыктын көбөйүшү, МЖӨ пайда болушунун негизги себеби болуп саналат, мамлекеттин жана бизнестин альянсы өлкө

үчүн социалдык милдеттердин чечүүнүн ачкычы болуп саналат [*Ефимов В.С. Государственно-частное партнёрство: проблемы во взаимоотношениях государства и бизнеса/ Интернет –журнал «Науковедение», Т.7 (5), 2015.http://naukovedenie.ru*].

Бир катар изилдөөлөрдө белгилегендей, Кыргыз Республикасы мектептерди камсыз кылуунун начар көрсөткүчүнө ээ, мектепте толук иштеген, мугалимдердин пайызы, мугалимдердин арасында жогорку билимдүү мугалимдерди пайызы, мектептин билим берүү ресурстарынын сапаты жана компьютер/окуучулардын карым-катышы, жөнүндө сөз боло турган болсо социалдык-экономикалык жагымсыз абалга ээ.

Бул бардык көрсөткүчтөрдө социалдык-экономикалык планда жагымдуу, жакшы комплекттелген жана ресурстар менен камсыз болгон мектептерде дисбаланс байкалат.

Еремин В. Л. Билим берүүдө МЖӨ төмөнкү багыттарын бөлүп көрсөтөт [*Еремин, В.Л. Государственно - частное партнёрство в образовании [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://nsa-msu.ru/ncd-1-9-535/news_publications.html*]: коомдук катышуу институтун түзүү жана өнүктүрүү билим берүү чөйрөсүндө МЖӨ ишке ашыруунун механизми катары, мындай институтка окуу жай тарабынан түзүлгөн байкоочу, камкорчулар, коомдук, башкаруучу жана башка кеңештин түрлөрү кирет; билим берүү программаларын, стандарттарын иштеп чыгуу жана мазмунун жакшыртууда мамлекет, бизнес, коомдук уюмдар жана билим берүү мекемелеринин өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү, профессордук-окутуучулук курам жана компаниянын кызматкерлери үчүн квалификациянын жогорулатуу программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; мамлекеттик жана жеке сектордон потенциалдуу жумуш берүүчүлөрдүн конкреттүү тапшырыкчылар менен курстук жана дипломдук добоорлорду биргелешип тактоо; акысыз түрдөгү гранттарды жана гранттык программаларды конкреттүү ишмердүүлүк багытын каржылоо: академиялык курс жана программалар, иш-чаралар жана изилдөөгө, илимий ишмердүүлүк, долбоорлор, стипендиялык программалар ж.б. [*Еремин, В.Л. Государственно - частное партнёрство в образовании [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://nsa-msu.ru/ncd-1-9-535/news_publications.html*].

Ошентип, билим берүү мейкиндигинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк институтун өнүктүрүү жана дүйнөлүк мыкты практиканы пайдалануу заманбап коомдун маанилүү сектору катары туруктуу билим берүү процессин өнүктүрүү жана иштөө сапатын камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

## КОРУТУНДУЛАР

Диссертациялык изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн КР билим берүүнү бюджеттик каржылоонун көлөмү жана структурасына жана аны аныктоочу факторлорго комплекстүү анализ кылуу төмөнкүдөй корутунду жасоого мүмкүндүк берет:

1. Билим берүү кызматынын сапатын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн колдо болгон бардык ресурстарды, баарыдан мурда финансы каражаттары аркылуу эффективдүү пайдалануу жогорулатуу. Рынок экономикасынын шартында билим берүү системасын ийгиликтүү өнүктүрүү ар түрдүү каржылоо булактарын тартуу жана пайдалануу жолу менен камсыз кылынат. Мунун менен бирге маанилүү ролду бирдиктүү кепилдик берилген каржылоо булагы – мамлекеттик бюджет ойнойт.

2. Изилдөө процесинде орто кесиптик билим берүү рыногунун негизги көрсөткүчтөрү структуранын динамикасы жана өзгөрүүсүнө карай анализденди. Орто кесиптик билим берүү уюмдарынын рынок структурасынын үлүшүн каржылоо булагы боюнча анализ кылуу КР рынок мамилеси пайда болгондон баштап салыштыруу менен жүргүзүлдү.

3. КР билим берүүсүн өнүктүрүү илимий-техникалык жана өндүрүштү технологиялык жакшыртуу, маалыматтык технологияны өнүктүрүүнү, өлкөнүн жетектөөчү туруктуу социалдык-экономикалык өсүүсүнө камсыз кылуучу адамдык капиталды өстүрүүгө мүмкүндүк берет.

4. Азыркы учурда КР билим берүүнү бюджеттик каржылоо малекет тарабынан КР Конституциясына, КР Бюджеттик кодексине, «КР Билим берүү жөнүндө» мыйзамга жана башка ченемдерге ылайык бекитилген мыйзамдар жана мыйзамдык актылар менен ишке ашырылат, анын өсүү динамикасына карабастан каржылоо төмөн бойдон калууда.

5. 2008-жылдан 2018-жылга чейинки мезгилдеги балансталган системанын көрсөткүчүнүн негизиндеги КР жалпы билим берүүнү бюджеттик каржылоонун көлөмү жана структурасынын комплекстүү анализи жалпы жалпы билим берүүгө бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү бирдей эмес, тактап айтканда,билим берүү системасында билим алып жаткандар үчүн сапаттуу билим берүүгө бирдей мүмкүндүк камсыз кылынбайт.

6. КР бекитилген бюджетинин чыгымдарынан билим берүү чыгымдарынын үлүшүнүн орточо мааниси 5,5%дан 6,7% чейин түзөт. Муну менен бирге өсүү сапатсыз түзүүнүн эсебинен эмес, жалпы инфляциянын картинасынан байкалат.

7. Кыргыз Республикасынын коомдук экономикалык коопсуздугун камсыз кылуудагын абдан маанилүү бир тармагы катары, билим берүү мейкиндигинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк институтун өнүктүрүү.

8. Үй чарбаларынын денгээлинде баалоо менен статистикалык байкоо негизинде билим берүү системасын өнүктүрүүдөгү чечүүчү жагдай жалпы бюджеттик каржылоо менен бирге үй чарбалардын экономикалык денгээлине таасир берет (калк конуштары, иш менен камсыз болуу, жана башкалар. ).

9. Кыргыз Республикасында билим берүүнү каржылоонун чыгымдары ИДПнын пайызы бир кыйла болгондугуна карабастан, билим берүү сапаты төмөн бойдон калууда же билим берүү деңгээли медиандын маанисинен төмөн – 0,782 таблица рейтингиндеги биринчи 100 өлкөгө жакшы ортчо көрсөткүч үчүн кабыл алынышы мүмкүн. Бирок, бул биринчи кезекте,

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү менен байланыштуу. Ошентип, Кыргыз Республикасынын ИДП көлөмү КМШ өлкөлөрүнүн арасында эң төмөнкүлөрдөн.

10. ЖКББ жана жалпы орто билим берүүнү акыркы 10 жылга салыштыруу менен статистикалык топтоштуруу жана корреляциялык методдун негизинде төмөнкүдөй корутунду чыгарууга мүмкүн: мамлекеттик каржылоонун карым-катышы 2007-жылы 1/3 түзсө, 2018-жылдын башталышында бул карым-катыш 1/5 түздү, алынган анализ жождорду бюджеттөө туруктуу өнүктүрүү трендине ээ болгон жалпы орто билим берүүнү бюджеттөөдөн бир топ төмөн турат Жождорду бюджеттик каржылообилм берүүнүн башка секторлоруна салыштырмалуу жал сайын төмөндөп турат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн алкагында жана статистикалык анализдин натыйжалары төмөнкүдөй сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди:

1. Мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн базасы болуп саналган башталгыч, орто, орто-кесиптик сыяктуу билим берүү структураларынын багыттарын мамлекеттик каржылоонун үлүшүн көбөйтүү.

2. Орто билим берүүнү каржылоо мамлекеттен тышкары мамлекет катышкан жеке капитал, инвестиция жана донор булактарынан каржылоо. Муну менен бирге экономика секторун өнүктүрүү үчүн ББИМ аркылуу ммамлекеттик бюджет тилкеси боюнча каржылоонун системалаштыруу зарыл. Бул билим берүү системасынын керектөөлөрү үчүн мектеп курулушун каржылоо, материалдык-техникалык базаны чыңдоо, окуу материалдары менен камсыздоо жана мектепти заманбап комплектациялоо сыяктуу маселелерине бөлүнгөн финансы ресурстарынын агымын тартиби менен бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

3. Ченемдик жан башына каржылоону жакшыртууну улантуу, анткени, беш жылдык тажрыйбанын болушу бюджет кодексинин алкагында чыгымдардын айрым беренелери боюнча өз алдынча финансылык практиканы киргизүү менен орто билим берүүнүн күчтүү жана алсыз тараптарын аныктоого мүмкүндүк берди.

4. Билим берүү уюмдарын финансылык каржылоодо аймактык өнүктүрүүнүн диспропорциясын кыскартуу, өзгөчө, шаар менен айыл ортосундагы билим берүүгө жеткиликтүүлүктү теңдөө.

5. Жергиликтүү бюджетке мектепке чейинки билим берүү уюмдарын толук кандуу иштөөсүнө шарттарды түзүү үчүн кошумча финансы ресурстарын бөлүп берүү (курулуш, тамак-аш, техникалык жабдуу, айлык акыны көтөрүү ж.б.), бул өзгөчө дотацияда отурган жергиликтүү бюджетке тиешелүү.

6. ЖОЖдорго компетенциясынын алкагында бюджеттик кодекске жана башка контролдук-фискалдык ченемдерге ылайык финансы-экономикалык өз алдынчалуулук берүү зарыл, ар бир жождун окуу үчүн контракт каражаттарынын эсебинен коомдук-байкоочу кеңешке отчеттуулугу аркылуу

материалдык-техникалык жоболорду жабдуу кошумча фискалдык чектөөлөрсүз ЖОЖдорго динамикалуу жана тез тармактандырууга мүмкүндүк берет.

7. КР ББИМдин бюджеттик классификатору мектептин жана башталгыч кесиптик билим берүүнүн окутуучуларынын квалификациясын жогорулатууга чыгымды киргизүү керек, анткени бөлүнгөн каражаттар мугалимдердин кесиптик компетенциясын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн бербейт.

8. Билим берүү жанан илим министрлиги Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги менен биргеликте социлдык тобокелдикти кыскартуу үчүн бюджеттик негизде жумушсуз жарандарды талап кылынган адистиктерге окутуу боюнча биргелешкен программа иштеп чыгуусу зарыл.

9. Мектепке чейинки билим берүү мекемелерин, балдар ийримдерин, музыкалык мектептерди ж.б. ачуу үчүн жеңилдетилген кредит берүү аркылуу мамлекеттик-жеке өнөктөштүккө түрткү берүү зарыл.

10. Бюджеттик жөнгө салуу механизминде мектепти өнүктүрүү жана инновациялык технологияларды өнүктүрүү педагогикалык чеберчилиги көтөрүүгө стимул берүү үчүн чыгымдарды көбөйтүүнү карап чыгуу. Анткени, азыркы системада бөлүнгөн каражаттын негизги бөлүгү эмгекке төлөө фондуна жана коммуналдык кармоого кетет, ал эми билим берүү уюмдарынын инновациялык жана чыгармачылыгын өнүктүрүүгө финансылык каражаттар калбай калат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. **Есеналиева, Б.Б.** Проблемы и перспективы развития системы высшего образования в КР [Текст]/Б.Б. Есеналиева / /«Известия вузов» илимий журналы - Бишкек.-2006.-№ 5-6.-200-202-б.
2. **Есеналиева, Б.Б.** Социально-демографические аспекты миграции населения в КР [Текст] / Б.Б. Есеналиева // Материалы международной научно- практической конференции «Жандаевские чтения» КазНУ им Аль-Фараби. Вестник Аль-Фараби.- Алматы.-2009. -226-б.
3. **Есеналиева, Б.Б.** Теоретические подходы развития рынка образовательных услуг и вопросы его модернизации в КР [Текст] / А.А. Саякбаева, Б.Б. Есеналиева //Экономика жана финансы.- Бишкек.-2009.-№3.-185-189-б.
4. **Есеналиева, Б.Б.** Современный рынок труда и трудовая миграция в Кыргызской Республике [Текст] / Б.Б. Есеналиева // Вестник КНУ.-Бишкек.-2009г-1-серия 2-чыгарылыш - 265-269-б.
5. **Есеналиева, Б.Б.** Влияние финансового кризиса на рынок труда и уровень жизни населения Кыргызской Республике [Текст] / Б.Б. Есеналиева // КУУнун жарчысы.- Бишкек.-2009.- 2-серия 1-том. 2-чыгарылыш.194-196-б.-с

6. **Есеналиева, Б.Б.** Современное состояние и тенденции развития рынка образовательных услуг в КР [Текст] / Б.Б. Есеналиева // «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик башкару академиясынын жачысы» - Бишкек-2011. -№12.- 336-341-б.
7. **Есеналиева, Б.Б.** Инновации в системе высшего образования. [Текст] / Б.Б. Есеналиева, Г.Д. Буйлашова // Экономика жана финансы.- Бишкек.-2011.-№2.-135-140-б.
8. **Есеналиева, Б.Б.** Роль и место денежных переводов, поступающих от трудовых мигрантов, в экономике Кыргызской Республике[Текст] / А.А. Саякбаева, Б.Б. Есеналиева // КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш.-Бишкек. .-2012.-408-414-б.
9. **Есеналиева, Б.Б.** Проблемы и перспективы экономического развития Кыргызской Республики в современных условиях [Текст] / Б.Б. Есеналиева // Вестник КНУ. – Бишкек, 2013. –112-117-б.
10. **Есеналиева, Б.Б**. Факторы, влияющие на экономический рост в Кыргызской Республике / Б.Б. Есеналиева // Вестник КНУ. – Бишкек, 2014. – 78-83-б.
11. **Есеналиева, Б.Б.** Некоторые аспекты финансирования образовательных организаций КР [Текст] / А.А. Саякбаева, Б.Б. Есеналиева // Науки и современность. Евразийское научное объединение.-Москва.-2017.-№ (23).-140-143-б.
12. **Есеналиева, Б.Б.** Финансирование образовательных организаций КР [Текст] / Б.Б. Есеналиева, Н.О. Сулайманова // Международная научно – практическая конференция. Известия бухгалтеров и аудиторов Центральной Азии. -Бишкек.-2017. -№1-2(16). -37-43-б.
13. **Есеналиева, Б.Б.** Система финансирование среднего образования в Кыргызской Республике [Текст] / Б.Б. Есеналиева **//** Международная научная конференция Евразийского Научного Объединения. **–**Москва. -2018. -2-т. № 5 (39). - 89-91-б.
14. **Есеналиева, Б.Б.** Финансирование социальных услуг в Кыргызской Республике. [Текст] / Б.Б. Есеналиева, Б.С. Омеркулова**//** Международная научная конференция Евразийского Научного Объединения**.** -Москва.-2018. -2-т. № 5(39). -87-89-б.
15. **Есеналиева, Б.Б.** Современное состояние и тенденции начального финансирования профессионального образования в КР [Текст] / А.А. Саякбаева, Б.Б. Есеналиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.-Бишкек. -2018. -№9.-59-64-б.
16. **Есеналиева, Б.Б.** Основные тенденции формирования качественной системы образования в КР [Текст] / Б.Б. Есеналиева, С.З. Сейдахматова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстан.-Бишкек.-2018. -№9.-65-69-б.
17. **Есеналиева, Б.Б.** Демографические показатели и уровень образования населения Кыргызской Республики [Текст] / Б.Б. Есеналиева, М.М.

Дылдаев //Евразийское Научное Объединение. -Москва. -2018.- 2-т. № 10(44). -110-112-б.

18.**Есеналиева, Б.Б.** Образовательная система Кыргызской Республики в контексте финансирования общего среднего образования [Текст] / А.А. Саякбаева, Б.Б. Есеналиева //Евразийское Научное Объединение.- Москва. -2018.- 2-т. № 10(44). -112-114-б.

19.**Есеналиева, Б.Б.** Теоретико-методологические подходы государственно-частного партнерства как одна из форм модернизации финансирования образования в Кыргызской Республике [Текст] / Б.Б. Есеналиева // Евразийское Научное Объединение. -Москва.-2018. 3-т. № 11(45).-215-217-б.

20.**Есеналиева, Б.Б.** Значение государственного бюджетирования в сфере образования Кыргызской Республики [Текст] / Б.Б. Есеналиева, С.З. Сейдахматова // Евразийское Научное Объединение. -Москва. -2018.- 4-т. № 12(46). –236-239-б.

21.**Есеналиева, Б.Б.** Статистический анализ образовательного сектора Кыргызской Республики [Текст] / Б.Б. Есеналиева // Евразийское Научное Объединение. –Москва. -2019. -3-т.№ 1(49).-242-247-б.

22.**Есеналиева, Б.Б.** Экономико-статистические показатели финансирования образовательной сферы КР Республики [Текст] / Б.Б. Есеналиева// Евразийское Научное Объединение. –Москва. – 2019 .-3-т.№ 1(49).-247-249-б.

23. **Есеналиева, Б.Б.** Экономико-статистический анализ финансирования образования Кыргызстана[Текст]/монография. Б.Б. Есеналиева//- Бишкек: Алтын Тамга, -2019.-287-б.

## Есеналиева Бактыгул Баховнанын 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит; 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн «Кыргызстанда билим берүү уюмдарын каржылоо: теориясы, практикасы, көйгөйлөрү жана келечеги» темасында жазылган диссертациясынын резюмеси

**Негизги сөздөр:** билим берүү, сапат, билим берүү сапаты, бюджет, чыгымдар, билим берүү гранттары, камтуу коэфициеннти, башталгыч билим берүү, кесиптик билим берүү, билим берүү концепциясы, билим берүү стратегиясы, билим берүү стандарттары, жалпы билим берүү, саат кредиттери, айлык акы, кореляция, регрессия, дисперсия.

**Изилдөө объекти:** КР билим берүү уюмдарын каржылоонун заманбап системасы,анын проблемасы жана өнүктүрүү келечеги.

**Изилдөө предмети:** билим берүү уюмдарын каржылоо механизмдерин изилдөө, анны каржылоонун динамикасына жана көлөмүнө ачык статистикалык анализ жасоо.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн максаты билим берүү уюмдарын каржылоо механизмин айкындоо жана анын негизинде теориялык, методологиялык жана практикалык багытта КР билим берүү моделин этап-этабы менен ишке ашыруу шартында аны жакшыртуу боюнча комплекстүү анализ жасоо.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** корреляциялык, регрессиялык фактордук ыкмалар, звено менен байланыштуу ыкмасы, индекс ыкмасы, убактылуу катардагы талдоо ыкмасы, ар түрдүү статистикалык жыйындыларды салыштыруу ыкмасы, көрүнүштөрдүн динамикасын баалоо, талдоо жана синтез, системалуу жана кырдаалдык талдоо ыкмалары, болжолдоо ыкмалары, орточо өсүш арымы, орточо абсолюттук көбөйүшү менен шартталган катар орундуу ыкмасы.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы билим берүү секторун каржылоо теориялык-методологиялык көз караштарын жана мамилесин өнүктүрүүдө турат, ошондой эле, КР билим берүүнү мамлекеттик жана жеке каржылоо механизминин проблемаларын аныктоо. Коюлган милдеттердин алкагында иштин жаңылыгын аныктаган төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынды: бюджет кдексинин алкагында билим берүү уюмдарын мамлекеттик каржылоонун ролу аныкталды; КР билим берүү секторунда финансынын ролунун теориялык-методологиялык мамилелери аныкталды; билим берүү чөйрөсүндө жеке инвестициялык-финансылык долбоордун ролу изилденди; билим берүүнү кажылоонун мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизми каралды; статистикалык маалыматтын корреляциялык анализинин негизинде билим берүү уюмдарын мамлекеттик жана жеке каржылоонун катышына баа берилди; КР бекитилген бюджетинин алкагында билим берүү чыгымдарынын жыйындысын эске алуу менен билим берүүнүбюджеттик каржылоонун азыркы абалынын жана динамикасынын негизинде статистикалык анализ кылынды; экономиканын билим берүү сегментин каржылоо мханизмине анализ статистикалык анализ кылуунун негизинде аны өнүктүрүү келечегин оптимизациялоо модели сунушталды.

**Пайдалануу даражасы.** Изилдөөнүн негизги натыйжалары Ж.Баласагын атындагы КУУнун окуу процессинде апробацияланды жана киргизилди, ошондой эле, алар билим берүү процессине тартылган мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү.** Изилдөөнүн натыйжалары жана материалдары билим берүү уюмдарынын финансылык ресурстарын жөнгө салуу механизмдерин жогорулатуу үчүн, ошондой эле, ББИМдин ведомстволук уюмдарын туруктуу каржылоо менеджментин эффективдүү куру үчүн колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Есеналиевой Бактыгул Баховны на тему «Финансирование образовательных организаций Кыргызстана: теория, практика, проблемы и перспективы» на соискание ученой степени доктора экономических наук по специальностям 08.00.10 - финансы, денежное обращение и кредит; 08.00.12 – бухгалтерский учет, статистика**

**Ключевые слова:** образование, качество, качество образования, бюджет, расходы, образовательные гранты, коэффициент охвата, начальное образование, професиональное образование, концепция образования, стратегия образования, образовательные стандарты, общее образование, нормативное финансирование, кредит часы, зароботная плата, корреляция, регрессия, дисперсия.

**Объект исследования**: современная система финансирования образовательных организаций в КР, ее проблемы и перспективы развития.

**Предмет исследования:** исследовать механизмы финсирования образовательных организаций, провести развернутуй статистический анализ динамики и объемов финансирования с использованием методов.

**Цель и задачи исследования**: цель исследования раскрыть механизмы финансирования образовательных организаций и на основе этого провести комплексный статистический анализ теоретических, методологических и практических направлений по его совершенствованию в условиях поэтапной реализации образовательной модели нормативного финансирования образовательных организаций в Кыргызстане.

**Методы исследования:** корреляционный, регрессионный и факторный методы, метод связующих звеньев, индексный метод, методы анализа временных рядов, методы сравнения различных статистических совокупностей, оценки динамики явлений, анализа и синтеза, системный и ситуационный анализ, методы прогнозирования, метод экстраполяции рядов динамики на основе среднего темпа роста и среднего абсолютного прироста.

**Научная новизна полученных результатов:** научная новизна диссертационного исследования состоит в развитиии теоретико-методологических взглядов и подходов финансирования сектора образования, а также в определении наиболее проблемных механизмов государственного и частного финансирования образования в Кыргызстане. В рамках поставленных задач были получены следующие научные результаты определяющие новизну работы: определена роль государственного финансирования образовательных организаций в рамках Бюджетного кодекса; выявлены теоретико-методологические подходы роли финансов в образовательном секторе Кыргызстана; исследована роль частных инвестиционно-финансовых проектов в сфере образования; рассмотрены механизмы государственно-частного партнёрства в финансировании образования; на основе корреляционного анализа статистических данных дана оценка соотношения между государственным и частным финансированием образовательных организаций; дана оценка статистического анализа на основе современного состояния и динамики бюджетного финансирования образования с учетом совокупности расходов на образование в рамках консолидированного бюджета КР.

**Степень использования.** Основные результаты исследования апробированы и внедрены в учебный процесс КНУ им. Ж. Баласагына, а также они могут быть использованы государственными органами управления, вовлечённых в образовательный процесс, для повышения качества предоставляемых образовательных услуг и модернизация финансирования образования.

**Область применения.** Результаты и материалы исследования могут быть использованы для повышения эффективности механизмов регулирования финансовых ресурсов образовательных организаций, а также подведомственных организаций МОиНКР для построения эффективного менеджмента устойчивого финансирования.


**Resume**

**Scientific thesis of Esenalieva Baktygul Bahovna on the theme "Financing of educational organizations of Kyrgyzstan: theory, practice, problems and prospects" for a scientific degree of the Doctor of Economic Sciences on the specialty 08.00.10 - Finance, money circulation and credit; 08.00.12 – accounting, statistics.**

**Keywords**: education, quality, educational services, budget, expenditures, educational grants, coverage ratio, primary education, vocational education, education concept, education strategy, educational standards, general education, normative financing, credit hours, wages, correlation, regression, variance.

**The object of the research paper**: the modern system of financing of educational organizations in the Kyrgyz Republic, in related problems and prospects.

**Subject of the research paper**: to study the mechanisms of financing of educational institutions, to conduct a complex statistical analysis of the dynamics and volume of funding methods.

**The purpose and tasks of the research**: the purpose of the study to reveal the mechanisms of financing of educational organizations and on this basis to conduct a comprehensive statistical analysis of theoretical, methodological and practical directions for its improvement in terms of the phased implementation of the educational model of normative financing of educational organizations in Kyrgyzstan.

**Research methods:** correlation, regression and factor methods, link method, index method, time series analysis methods, methods for comparing different statistical aggregates, assessing the dynamics of phenomena, analysis and synthesis, system and situational analysis, forecasting methods, method of extrapolation of time series based on average growth rate and average absolute increase.

**Scientific novelty of the results**: the scientific novelty of the dissertation research consists of the development of theoretical and methodological views and approaches to financing the education sector, as well as in determining the most problematic mechanisms of public and private financing of education in Kyrgyzstan. Within the framework of the tasks, the following scientific results determining the novelty of the work were obtained: the role of state funding of educational organizations in the framework of the Budget code was determined; theoretical and methodological approaches to the role of Finance in the educational sector of

Kyrgyzstan are identified; the role of private investment and financial projects in education is studied; the mechanisms of public-private partnership in the financing of education are considered; the correlation analysis of statistical data is used to assess the relationship between public and private financing of educational organizations; the estimation of the statistical analysis on the basis of the current state and dynamics of budget financing of education, taking into account the total cost of education in the consolidated budget of the Kyrgyz Republic; on the basis of statistical analysis of financing mechanisms of the educational segment of the economy proposed optimization models of its development in the future.

**Degree of use.** The main results of the research were tested and implemented in the educational process of the Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, and can be used by the state authorities involved in the educational process, to improve the quality of educational services and the modernization of finance education system.

**Application.** The results and materials of the research can be used to improve the the mechanisms of financing the educational and subordinate organizations of the Ministry of Education and Science of the Kyrgyz Republic to build effective and sustainable finance management within the system.